**Ж. БАЛАСАГЫН атын. КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСТЕТИ**

**Б.ЕЛЬЦИН атын. КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

**Диссертациялык кеңеш Д 08.18.571**

**Кол жазма укугунда**
УДК:657.47:657.22:238.43(575.2)

**ОМУРОВА САЛТАНАТ КАЙЫРОВНА**

# Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун камсыз кылууда финансы системасын модернизациялоо

Адистиги 08.00.10 – финансы, акча жүгүртүү жана кредит
08.00.01 – экономикалык теория

Экономика илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**Автореферат**ы

**Бишкек -2019**

Диссертациялык иш Башкаруу, укук, финансы жана бизнес эл аралык академиясынын «Финансы жана кредит» кафедрасында аткарылды

| | |
|---|---|
| **Илимий кеңешчи** | **Саякбаева Айганыш Апышевна,**<br>экономика илимдеринин доктору, профессор,<br>Ж.Баласагын атындагы КУУнун финансы кафедрасынын башчысы |
| **Расмий оппоненттер** | **Тюлюндиева Назира Манатовна,**<br>экономика илимдеринин доктору, с.н.с., Саясат жана өнүктүрүү институтунун бюджет аралык мамилелер боюнча эксперти<br>**Кочербаева Айнура Анатольевна,**<br>экономика илимдеринин доктору, профессор,<br>Б. Ельцин атын. КРСУнун «Менеджмент» кафедрасы<br>**Чолбаева Сагынбубу Джумабековна,**<br>экономика илимдеринин доктору, доцент,<br>М.Рыскулбеков атын. КЭУнун «С.Сулайманбеков атын. Финансы жана финансылык контроль кафедрасынын» профессору |
| **Жетектөөчү уюм** | Тараз инновациялык-гуманитардык университети, «Финансы жана эсеп» кафедрасы<br>дареги: 080000, Казакстан Республикасы, Жамбыл областы, Тараз ш., Желтоксан көч., 69 «Б» |

Коргоо 2019-жылдын “12” сентябрында саат 14.00дө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д.08.18.571 ведомстволор аралык диссертациялык кеңеште, 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Жибек Жолу проспекти 394 дареги боюнча өтөт.

Диссертациянын автореферагы менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин китепканасынан (720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Жибек Жолу саябаны, 394) жана Б.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин китепканасынан (720000, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Киев көч., 44), ошондой эле ДК сайтында: http://dissovetecon.knu.kg; https://nauka.knu.kg таанышууга болот.

Автореферат «__» ______________ 2019-ж. таркатылды.

Д 08. 18.571 диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
э.и.к., доцент Дженалиева М.А.

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу.** Дүйнөлүк экономиканын интернационалдаштыруу жана интерграциялоо процессинин автивдешүү шартында бир тараптан, мамлекеттин экономикага таасиринин азайышына алып келген улуттук чарбанын көбүрөөк өзгөрүшү жүрүп жатса, башка жагынан финансылык системаны мамлекеттик жөнгө салуу жаңы шартка ыңгайланышы керек болгон дүйнөлүк чарбанын жаңы формасын уюштуруу келип чыгууда. Ар түрдүү экономикалык бирикмелерди жана союздарды түзүүнү констациялоо, замандын жаңы чакырыктарына жооп бере турган мамлекеттер аралык кызматташуунун жаңы экономикалык формасын түзүүнү белгилейт. Интергацияланган экономика шартында өнүккөн өлкөлөр ар түрдүү мүнөздөгү тобокелдиктерге туш келерин далилдөөнүн зарылдыгы жок. Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун эффективдүү камсыз кылуу коомдун социалдык-экономикалык өнүгүү процессине таасир берүүчү курал катары финансылык механизмдерди активдүү жана чеберчилик менен колдонуу зарыл, ошондой эле, алардын ролу жана таасири коомдук өндүрүштүн бардык процессинде финансылык механизмдерди модернизациялоонун теориялык маанисинин зарылдыгын камсыздайт.

Финансылык системанын учурдагы механизмдери жана куралдары өлкөнүн экономикалык коопсуздугун баалай турган финансылык системанын босоголук маанидеги “-га” же “үчүн” траекториядагы негизги көрсөткүчтөрүн жетишерлик деңгээлде мүнөздөй албайт. Мындай иштеп чыга турган проблемаларга акчалай масса структурасындагы банктык эмес акчанын үлүшүн көбөйтүүчү, коммерциялык банктардын кредит коюмдарынын пайызынын көбөйүүсү, инвестиция деңгээлинин, бюджеттик каражаттарды эффективдүү пайдалануу деңгээлинин төмөндөшү жана башкалар кирет.

Экономиканын финансы секторун өнүктүрүү багыты глобалдык масштабдагы болуп жаткан өзгөрүүлөрдү эске алуусу керек, анткени, интеграциялык процесс мамлекет тараптан финансылык системаны мамлекеттик жөнгө салуунун оптималдык механизмин иштеп чыгуу боюнча максималдуу көңүл бурууну талап кылат. Ушуга байланыштуу, бюджет, салык жана салык түйшүгү, инвестиция, инфляция, мамлекеттик карыз сыяктуу босоголук маанинин чегинде реалдуу экономикалык коркунучту көрсөткөн макроэкономикалык көрсөткүчтөрдү колдонуу менен теория-методологиялык жана уюштуруу-практикалык аспекттердин багытында дээрлик жаңы илимий ойлоп чыгуу жана иштеп чыгуу зарылдыгы жаралат.

Финансы системасынизилдөөгө жетиштүү сандагы ата мекендик авторлор илимий эмгектерин арнашкан, алардын ичинен, баарынан мурда: Т.К. Койчуев, Мусакожоев Ш.М., А.А. Саякбаева, Н.М.Тюлюндиева, А. Жапаров, ж.б. Финансылык жана экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча эмгектерин арнашкан И.С. Шатманов, Е.Котенко, Ж.Голощапова,

В.И. Гусева, А.Ю. Краснов ж.б. финансы системасынын туруктуулугу жана модернизациялоонун негизинде экономикалык коопсуздукту түзүүнү комплекстүү, түздөн-түз жана системалуу изилдөө жүргүзүлгөн эмес.

Жогоруда аталгандардын баары экономикалык коопсуздукту комсыз кылуунун контекстинде финансы системасын модернизациялоонун механизмдерин жана куралдарын жакшыртууну зарылдыгын шарттаган проблемаларды изилдөөнүн актуалдуулугун аныктайт.

**Теманын ири илимий жана мамлекеттик программалар менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы “2013-2017-жылдары Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы”, “2040-жылга чейин өлкөнү өнүктүрүүнүн стратегиясы”, 2018-2020-жылдардагы бюджеттик саясаттын негизги багыттары, 2018-2020-жылдардагы салык саясатынын негизги багыттары, 2018-2020-жылдардагы акча-кредит саясатынын негизги багыттары сыяктуу программаларды ишке ашыруу менен байланыштуу.

**Изилдөөнүн максаты жана милдети.** Диссертациялык изилдөөнүн максаты финансы системасын модернизациялоо боюнча концептуалдуу сунуштарды аныктоо жана экономикалык коопсуздукту камсыз кылуучу механизмдерди жакшыртуу боюнча теориялык-прикладдык сунуштарды иштеп чыгуу болуп саналат.

Коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** аныкталды:

1. финансы системасынын теория-методологиялык негизин иштеп чыгуу жана аны модернизациялоонун зарылдыгын өлкөнүн коопсуздугун камсыз кылуучу фактор катары аныктоо;
2. интеграцияланган экономика шартында экономикалык коопсуздуктун курч талаштуу маселелери боюнча автордук позициясын тактап жазуу, атап айтканда, “экономикалык коопсуздукту камсыз кылууга финансы системасын модернизациялоо” дефинициясынын жана финансы ситемасынын туруктуулугун баалоодо пайдаланылуучу аны менен байланышкан категорияларды жана факторлорду маанисин жана мазмунун тактоо;
3. финансы системасын мамлекеттик жөнгө салууга таасир берген азыркы институционалдык факторлорду бөлүү менен экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу шарттары катары институционалдык факторлордун классификациясы үчүн методологиялык негиз түзүү;
4. экономикалык коопсуздукту аныктоо, анын критерийлерин жана босоголук маанисин иштеп чыгуу максатында интеграцияланган экономика шартында финансы системасынын архитектоникасынын институционалдык негизин анализдеп чыгуу;
5. экономикалык коопсуздукка түздөн-түз таасир этүүчү институионалдык себептерди аныткоо үчүн 2010-2018-жж. үчүн финансы системасынын көрсөткүчтөрүнүн өз ара шартталуусуна анализ жүргүзүү;
6. экономикалык коопсуздукту камсыз кылган финансы системасынын механизмдерин жана куралдарын жакшыртуу боюнча жүргүзүлгөн

анализдин негизинде практикалык сунуштарды иштеп чыгуу;

7. макроэкономикалык жана финансылык көрсөткүчтөрдүн өз ара байланышкан экономикалык-математикалык моделин иштеп чыгуунун жана алардын прогнозун аныктоонун негизинде экономикалык коопсуздуктун үстөмдүк кылуучу фактору катары финансы системасын түзүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуучу болжолдуу ыкмаларын аныктоо;
8. экономиканын негизги көрсөткүчтөрүнө статистикалык анализ жүргүзүү жана финансы системасына SWOT-анализ жасоо;
9. экономиканын өнүгүү деңгээлине мамлекеттик ресурстардын таасир берүү деңгээлин мүнөздөгөн тандап байкоонун негизинде статистикалык көрсөткүчтөрдү иштеп чыгуу;
10. монеталаштыруунун пайыздык коюмунун деңгээлине карай прогноздук-статистикалык моделди колдонуу жана ИДПнын өсүү темпине таасир берүү даражасын аныктоо.

Диссертациялык изилдөөнүн **объекти** болуп өлкөнүн экономикалык коопсуздугун камсыз кылууга байланышкан финансы системасы жана анын негизги көрсөткүчтөрү саналат.

Изилдөөнүн **предмети** катары финансы системасын модернизациялоон шартында экономикалык коопсуздук проблемалары алынып чыгат.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы** интергратия шартындаэкономикалык коопсуздукту камсыз кылууда финансы системасын модернизациялоонун механизмдерин жана куралдарын жакшыртуунун илимий-теориялык жоболорун аныктоо менен бекемделет. Изилдөө процессинде төмөнкүдөй **илимий натыйжалар** алынды:

- “финансы системасын модернизациялоо” жана “экономикалык коопсуздук” түшүнүктөрүнө теория-методологиялык мамилелер жалпыланды жана системалаштырылды;
- алардын өз ара байланышын жана өз ара шартталышын так аныктаганга мүмкүндүк берген интеграцияланган экономика шартындагы “финансы системасын модернизациялоо” жана “экономикалык коопсуздук” азыркы түшүнүк аппаратын кеңейтүү зарылдыгы негизделди;
- экономикалык коопсуздукту камсыз кылган институционалдык факторлорду анализдөөнүн жана системалаштыруунун негизинде интеграция шартында биздин республика үчүн финансы системасынын абалына таасирин тийгизүүчү жаңы типологиялык факторлор белгиленди;
- 2018-жылга кредит жана депозит түрүндө резидент эмес–банктардан тартылган, ресурстардын негизги үлүшүнүн өлчөмү 23,5 млрд. сомду же банк секторунун уставдык капиталынын жалпы көлөмүнүн 47,3% түзгөн банк секторундагы коркунучтарга каршы иш аракетти камсыздоо позициясында интеграциялык процесстердин алкагында ата мекендик өндүрүүчүлөрдү коргоонун финансылык механизмдери белгиленди;
- агро өнөр-жай өндүрүшүндө жана курулуш комплексинде инвестицияны өстүрүү индикативдик планын мамлекет тарабынан контролдонгон банктар

аркылуу тиешелүү мамлекеттик программалардын негизинде реалдуу секторлордун максаттуу арзан кредит берүү боюнча сунуштар киргизилди;

- экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу үчүн азыркы экономиканын талаптарына ылайык финансы системасынын көрсөткүчтөрүн түзөтүү, тактоо зарыл;
- узак мөөнөттүү өнүктүрүү артыкчылыктары менен макроэкномикалык саясатты макулдашууну болжолдогон жаңы өндүрүштүн кластерлерин түзүүнүн жаңы технологиялык көндүмүн түзүүгө жана синергетикалык эффектке жетүүгө финансылык ресурстарды пайдалануунун жолдору белгиленди;
- финансы системасын модернизациялоо жана экономикалык коопсуздукту камсыз кылуунун мамлекеттик институттардын координациялык иш-аракеттери боюнча чаралар бюджеттик-салык саясаты багытын кошо, анын ишке ашыруу мөөнөтү, күтүлүүчү натыйжалар жана ресурстук камсыз кылуу параметрлери жана ага жетүүнүн реалдуу жоопкерчилигинин механизмдерин киргизүү белгиленди;
- 2030-жылга чейинки мезгилде экономикалык өнүгүүнүн туруктуу финансылык көрсөткүчүнүн жетишүү модели чечмеленди жана мүмкүн болуучу кризистик процесстерди жана көрүнүштөргө өз убагында аракет жасоого мүмкүндүк берүчү мамбюджеттин кирешеси, экономикага кредиттик салым, салыктык түшүүлөр, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруунун босоголук маансисинин эсебинин негизинде экономикалык коопсуздукту аныктоочу базалык көрсөткүчтөр белгиленди;
- финансы системасынын жана экономикалык коопсуздуктун көрсөткүчтөрүнүн өз ара байланышын аныктоого мүмкүндүк берүүчү көп факторлуу, регрессиялык-корреляциялык анализдин негизинде экономиканы мамлекеттик жөнгө салууну жакшыртуу багыттары негизделди жана экономикалык коопсуздукту камсыз кылуучу финанасы системасынын механизмдерин жана куралдарын жакшыртуу боюнча сунуштар берилди.

**Алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу** экономикалык коопсуздуктун концептуалдык негиздерин анализ кылуу менен байланышкан илимий тармактын жетишсиз иштелип чыккан экономикалык теориясын актуалдаштырууда турат. Изилдөөнүн натыйжаларынын практикалык мааниси корутунду жана сунуштар анын структура-технологиялык модернизацияны түрткү берүү жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга багытталган финансы системасын туруктуу өнүктүрүүнүн мамекеттик стратегиясын иштеп чыгуу үчүн пайдаланылышы мүмкүн. Изилдөөнүн материалдары ошондой эле, “Банк иштери”, “Өндүрүштү уюштуруу”, “Финансы жана кредит”, “Ишкананын экономикасы”, “Баа чыгаруу”, “Чыгымдарды башкаруу” курстары боюнча лекцияларды иштеп чыгууда жана жакшыртууда колдонулушу мүмкүн.

**Алынган натыйжалардын экономикалык баалуулугу.** Макроэкономикалык жана финансылык көрсөткүчтөрдүн жүргүзүлгөн көп

факторлуу регрессия-кореляциялык анализи экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча өз ара байланышты жана өз ара шартталгандыкты аныктайт, финансы системасын модернизациялоо боюнча берилген сунуштар 2030-жылга чейинк мезгилде экономикалык өнүгүүнүн туруктуу финасылык көрсөткүчүнө жетишүүнү болжолдоо менен мулльтипликативдик эффектке ээ болот.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор.**

- республиканын экономикалык коопсуздугун камсыз кылууда финансы системасын модернизациялоонун комплекстүү теориялык проблемалары, экономикалык коопсуздуктун коркунучтарын баалоонун мамилелери, классификациялары, критерийлери жана босоголук мааниси;
- финансы системасын түзүүнүн көрсөткүчтөрүнүн ситемасы жана баалоо критерийлери жана аларды тактоо;
- финансы системасын модернизациялоону ишке ашырууга таасир берген финансы саясатынын негизги агыттар ыаныкталды жана экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу шарты катары финансы системасынын ролу негизделди;
- мамлекеттик бюджеттөө жана бюджеттик пропорционалдуулукту камсыз кылуу жолу менен финансы системасын мамлекеттик жөнгө салуу механизмдерин иштелип чыкты;
- экономикалык коопсуздуктун эффективдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүндүк берген финансы системасынын көрсөткүчүнүн экономикалык-математикалык эсептөө модели аныкталды;
- экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча анын механизмдерин жаңы мамиледе пайдаланууга негизделген финансы саясатынын азыркы теориясы жалпыланды жана аныкталды;
- экономикалык көрсөткүчтөрдүн негизинде комплекстүү мүнөздөмөлөрдү алууга мүмкүн болгон Кыргыз Республикасынын финансы системасына мамлекеттик ресурстардын, үй чарба ресурстарынын, камсыздандыруу секторунун жана баалуу кагаздар рыногун статистикалык топтоштуруу жана индексттик методдорду колдонуунун негизинде методологиялык анализи иштелип чыкты;
- азыркы учурда финансы системасын сунушталган методологиялык анализдин жана моделдештирүүнү өнүктүрүүнүн негизинде финансы системасын модернизациялоо экономиканын инновациялык өсүүсүн, ошондой эле, республиканын экономикалык коопсуздугун камсыз кылат;
- финансылык анализдин жана КР финансы системасынын абалын баалоону байкоо жүргүзүүнүн статистикалык катарларын жана жакынкы келечектеги мүмкүн болгон багыттарына системалуу жана комплекстүү мамилелер методдорунун натйыжасы болгон теориялык баалуулуктар аныкталды;
- жеке-мамлекеттик өнөктөштүктү күчтөндүрүү, калкты каржылоонун ички булактарын колдонуу менен, кредит берүү структурасын оптимизациялоо, жолу менен экономиканын реалдуу секторун жана финансы системасынын өз ара тыгыз аракеттенүүсүнүн негизинде финансы системасын

модернизациялоонун багыттары иштелип чыкты.

**Изденүүчүнү жеке салымы.** Диссертациянын материалдары жайылтуу актысына ылайык "Бай-Түшүм" ЖАК ишмердүүлүгүндө пайдаланылды, атап атйканда, "Өтүмдүүлүктү жоготуу тобокелдигин башкаруу боюнча жоболор", "Камсыздандыруу компаниялары менен иштер боюнча жоболор" "Банк системасынын коопсуздугунун коэффициенттерин жана көрсөткүчтөрүн пайдалануу боюнч жоболор" иштеп чыгууда ж.б. пайдаланылды.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы.** Изилдөөнүн негизи теориялык жана практикалык жоболору жана натыйжалары эл аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда, форумдарда, КР Улуттук Банктын атайын жыйындарында, илимий семинарларда баяндалды жана жактырылды:«Роль финансовой системы в обеспечении национальной безопасности", Чолпон-Ата ш., Борбордук Азиядагы бугалтерлердин жана аудиторлордун Ысык-Көл форумунункабарлары, №3(18) 2017; «Отдельные аспекты формирования индикаторов безопасности финансовой системы", Экономика жана ишкердик №10, 2018; «Комплекс угроз экономической безопасности в финансовой системе», В.И.Вернадский атындагы Крым федералдык университетинин 17чи эл аралык илимий-практикалык конференция. Октябрь, 2018; «Инновационные технологии на финансовом рынке как инструменты развития экономики», Казакстан Республикасынын улуттук валютасынын 25 жылдыгына арналган эл аралык илимий-практикалык конференция. Эл аралык илимий-практикалык конференциянын эмгетердин жыйнагы. – Астана: Л.Н. Гумилев атындагы Евразия улуттук университети, 2018;Илимий Монография, «Модернизация финансовой системы в обеспечении экономической безопасности Кыргызской Республики», Б, «Алтын Тамга» басмаканасы; «Ключевые параметры бюджетной политики в определении экономической безопасности Кыргызстана», Евразия илимий бирикмеси№6 (52). Июнь, 2019.

**Диссертациянын натыйжаларынын публикацияларда толук чагылдырылышы.** Диссертациялык изилдөөнүн натыйжалары боюнча 24 илимий эмгек жарыяланды, анын ичинен 19 ИЦРИ системасына чет өлкөдө жана КРда жарыяланды, анын ичинде 1 монография бар. Жарыяланган эмгектердин жалпы көлөмү 113 б.т.

**Иштин структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүү, төрт бөлүмдөн, тыянак, сунуш, корутунду, пайдаланылган адабияттардын тизмеси жана тиркемелер, 32 сүрөт жана 21 таблицадан турат. Иштин жалпы көлөмү 267 бетти түзөт.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу, илимий ири программалар менен байланышы, анын изилденүү деңгээли негизделет, изилдөөнүн максаттары жана милдеттери түзүлөт, алынган жыйынтыктардын илимий жаңычылдыгы

ачылат. Коргоого чыгарылган негизги жоболор аныкталды, диссертациялык изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси негизделди.

**«Экономикалык коопсуздукту камсыздоо контекстинде финансы системасынын теоретико-методологиялык жана уюштуруу-укуктук негиздери»** аталган биринчи бөлүмдө экономикалык коопсуздук теориясын калыптандыруу обзору жана аны изилдөө методологиясы жүргүзүлдү, экономикалык коопсуздуктун маңызын аныктаган теоретико-методологиялык жоболор өнүктүрүлдү жана толукталды, жана финансы системасы аркылуу экономикалык коопсуздукту үйрөнүүгө теория-методологиялык мамиле иштелип чыкты.

Капиталисттик коомдун жаралуу жана улуттук мамлекеттердин өнүгүүсүнүн башталуу мезгилинде, XVII-XVIII кылымдарда калыптанган экономикалык коопсуздук теориясынын негиздери, «экономикалык коопсуздук» категориясын аныктоого мамилени, аны түзүү принциптерин, экономикалык коопсуздукту камсыздоо процессинин катышуучуларынын ыйгарым укуктарын камтыган. Анализ көрсөткөндөй, ар түрдүү илимий платформалар экономикалык коопсуздукту үйрөнүшкөн. Муну менен, экономикалык коопсуздуктун маңызы бул илимий мектептердин өкүлдөрүнүн түшүнүктөрүндө максаттарга, коркунучтарга, тоскоолдуктарга жана экономикалык коопсуздук менен күрөшүү методдоруна жараша өз ара айырмаланышкан. Ар бир мамиленин принципиалдуу позицияларын системалаштыруу, бизге негизги мүнөздөмөлөрдү бөлүүгө жана Кыргыз Республикасында экономикалык коопсуздуктун концептуалдык негиздерин иштеп чыгууда аларды практикалык пайдаланууда заманбап баа берүүгө мүмкүндүк берди.

Алсак, камералисттик концепция үчүн экономикалык жактан кыйла өнүккөн өлкөлөр тарабынан атаандаштык басымды жеңүүгө жана улуттук өндүрүшчүнү коргоого максаттуу багыт мүнөздүү [156]. Бул жерден экономикалык коопсуздукту камсыздоо методдору да келип чыгат – протекционисттик соода саясаты, улуттук экономиканы өнүктүрүүгө мамлекеттик колдоо. Бул мамилени анализ кылууда, аны Кыргыз Республиксынын тажрыйбасында колдонуу мүмкүнчүлүгүнөн алып караганда экспортко багытталган өндүрүштүн өнүгүшүнө жана атамекендик өндүрүштү коргоого көңүл буруу зарыл.

Кейнсиандык концепция макроэкономикалык туруктуулукка жетүүгө багытталган жана өндүрүштү, ишке орноштурууну, акча жүгүртүүнү мамлекетитик жөнгө салуу методуна таянат. [192]. Кыргыз Республикасынын улуттук экономикасынын өнүгүүсүнүн азыркы шарттарында экономикалык коопсуздукту камсыздоо боюнча кейнсиандык мамиле өтө актуалдуу.

Неоинституциялык концепция экономикалык коопсуздуктун башкы максаты катары, эффективдүү жеке менчик, эмгек, финансы, социалдык жана башка экономикалык институттарды, коомдо укуктун биринчилигин, жеке менчикти коргоону, улуттук экономикалык өнүгүүнүн максаттарын кабыл

алуунун бирдиктүүлүгүн камсыздаган, экономикалык тиричиликти уюштуруу жана жөнгө салуу формаларын түзүүнү карайт [191]. Бул мамиле ошондой эле Кыргыз Республикасынын шарттарында жетишерлик актуалдуу жана улуттук экономиканын коопсуздук концепциясын иштеп чыгууда көңүлгө алынбай калбашы керек.

Экономикалык коопсуздуктун маңызын түшүнүү экономикалык мамилелердин, мамлекеттик түзүлүштүн жана укуктук негиздердин контекстинде ачылат.

Биз А.Илларионовдун позициясы менен макулбуз, анын белгилөөсүндө, экономикалык коопсуздук деп, кыйла эффективдүү ыкма менен калктын жан башына экономикалык ресурстардын максималдуу санын узак мөөнөттүү келечекте туруктуу өндүрүүнү камсыздаган экономикалык, саясий жана укуктук шарттардын ушундай айкалышын түшүнөт.

Биздин көз карашыбызда, бул методологиялык жыйынтыкты толуктоо жана өнүктүрүү зарыл, мында экономикалык коопсуздук улуттук кызыкчылыктар корголгондукта гана эмес, бийликтин институттары экономиканы өнүктүрүүнүн улуттук кызыкчылыктар механизмин түзүүгө даярдыгында жана жөндөмүндө да көрүнөт. Экономикалык коопсуздуктун эффективдүүлүгү, ар кандай шарттарда экономикалык субъектинин толук баалуулугун сактоо жөндөмүндө, бардык маанилүү экономикалык аракеттерге жана өзгөрүүлөргө өз убагында жана адекваттуу жооп кайтара билгичтигинде көрүнөт.

Экономикалык коопсуздук окумуштуу-экономисттер тарабынан ар түрдүү түшүндүрүлөт. Алардын көпчүлүгү экономикалык коопсуздукту социалдык-экономикалык өнүгүүнү өз алдынча камсыздай алган экономикалык абал катары карашат.

Экономикалык коопсуздуктун мазмунун аныктоодо, экономикалык коопсуздуктун дагы бир түзүүчү категориясы катары – биздин көз карашыбызда, негиз түзүүчү болуп саналган жана анын бардык аспектилерин аткарууну камсыздаган финансылык категорияны толуктоону жана кошууну сунуштайбыз.

Биз экономикалык коопсуздукту, коркунуч аракеттерине карабастан туруктуу өнүгүүнү жана алдыга умтулган экономикалык өсүштү камсыздоо максатында финансылык туруктуулук жана финансы-экономикалык саясатты ишке ашыруунун автономдуулугу менен мүнөздөлгөн экономикалык системанын абалы катары аныктоону сунуштайбыз.

Коркунучту аныктоо боюнча мамилелердин көбүндө, экономикалык коопсуздуктун коркунучун, интегралдык көрсөткүчү белгилүү бир убакыт аралыгында өлкөнүн экономикалык потенциалынын төмөндөө деңгээлин мүнөздөгөн зыян катарында караган авторлордун позициясын бөлүшөбүз. Жана экономикалык коопсуздуктун коркунучтар түрлөрүн жана типтерин аныктоо үчүн классификациялык негиздемелерди колдонууну сунуштайбыз. Мындай классификация, биздин көз карашыбызда, коркунучтун бардык

түрлөрүн ачуу менен, экономикалык коопсуздуктун көрсөткүчтөрүн аныктоого мүмкүндүк берет.

Биз экономикалык коопсуздуктун көрсөткүчтөрүн, экономикалык чөйрөдөгү көрүнүштөрдү жана тенденцияларды кыйла толук мүнөздөгөн, өлкөнүн экономикасынын өнүгүүсүнүн реалдуу статистикалык көрсөткүчтөрү катары аныктоону сунуштайбыз. Муну менен, экономикалык коопсуздуктун көрсөткүчтөрү катарында, ченемдик актылар менен бекитилген, эсептөө болуп саналган жана жогорку реактивдүү маалымдоого ээ көрсөткүчтөр гана колдонулушу мүмкүн.

Илимий адабияттын жана ченемдик базанын анализи, индикаторлордун босоголук маанилерин аныктоого бирдиктүү мамиленин жоктугун, ошондой эле көрсөткүчтөрдүн өздөрүнүн жыйындысын түзүү жоктугун көрсөттү. Андан тышкары, ар түрдүү изилдөөчүлөрдүн сунуштары тигил же бул босоголук маанилердин чоңдугу менен гана эмес, аларды аныктоонун жана ченемдик бекитүүнүн сунушталган методдору менен да айырмаланат.

Экономикалык коопсуздукту баалоо процесстеринде, эреже боюнча, эл аралык тажрыйбанын жана изилденип жаткан өлкөнүн тажрыйбасынын негизинде белгиленген, көрсөткүчтөрдүн босоголук маанилерин алардын чыныгы маанилери менен салыштырууга негизделген мамиле колдонулат. Белгилей кетсек, ар түрдүү авторлордо көрсөткүчтөрдүн курамы жана алардын босоголук маанилери бир топ айырмаланышат.

Жогоруда баяндалгандар, бүгүнкү күндө илимий дүйнөдө мамлекеттин экономикалык коопсуздук коркунучтарынын босого маанилери жөнүндө бирдиктүү пикирдин жоктугу тууралуу жыйынтыкты далилдейт, ал эми аларды аныктоо улуттук экономикалык коопсуздукту үйрөнүүдө жана изилдөөдө эң татаал жана маанилүү тапшырмалардын бири болуп кала берет.

Экономикалык коопсуздуктун көрсөткүчтөрү боюнча практикалык материалды жана ченемдик-укуктук документтерди жалпылоо, Кыргыз Республикасындагы экономикалык коопсуздуктун деңгээлин чагылдырган көрсөткүчтөрдүн тизмегин расмий бекитүүнүн жоктугу жөнүндө жыйынтык чыгарууга мүмкүндүк берет.

Буга байланыштуу, көрсөткүчтөрдүн тизмегин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздук деңгээлин чагылдырган алардын босого маанилерин мыйзамдык негизде бекитүүнү сунуштайбыз.

Финансы-экономикалык коопсуздукту камсыздоо боюнча мамлекеттик жөнгө салуу функцияларын ишке ашыруу маселелери, тигил же бул өңүттө, бардык мамлекеттик органдардын компетенция чөйрөсүнө кирет, бирок, ошондой болсо да, алардын ичинен бул проблема менен кыйла багыттуу иштегендерди бөлүүгө болот:

- КР Коопсуздук кеңеши;
- КР Жогорку Кеңешинин тийиштүү комитеттери;
- КР Президентинин жана Өкмөтүнүн Аппараттарынын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрү;
- КР Эсептөө палатасы;

- КР Финансы министрлиги;
- КР Экономика министрлиги;
- КРУБ;
- КР Өкмөтүнүн алдындагы Мамлекеттик бажы кызматы;
- экономикалык кылмыштарга каршы күрөшүү жүргүзгөн укук коргоо органдары (прокуратура, ички иштер, улуттук коопсуздук органдары жана башкалар).

Экономикалык коопсуздук үчүн жоопкерчиликти тарткан мамлекеттик органдардын анализи көрсөткөндөй, КРдагы улуттук коопсуздукту мамлекеттик жөнгө салуунун түзүлгөн системасы органдар ортосунда өз ара аракеттенүүнүн зарыл деңгээли, алардын иш аракеттеринин макулдашылгандыгы, ошондой эле экономикалык коопсуздуктун мониторинги жана коркунучтарды аныктоо боюнча иштин жоктугу жөнүндө күбөлөндүрөт.

Биздин көз карашыбызда, кармаган себептер болуп төмөндөгүлөр саналат:
- экономикалык коопсуздуктун узак мөөнөттүү келечекке бекитилген мамлекеттик саясатынын жоктугу;
- экономикалык коопсуздуктун абалына мониторинг жана контроль үчүн мамлекеттик бийликтин конкреттүү бекитилген органынын жоктугу;
- бийлик системасында чачкындык жана бирдиктүү башталыштын жоктугу;
- экономикалык коопсуздукту камсыздоо боюнча иш-чараларды ишке ашыруу процессинде макулдашылбагандык. Мисалы, КРУБ, КР Экономика министрлиги, КР Финансы министрлиги ж.б.;
- улуттук коргонуу жана укук тартибин сактоо көз карашынан алганда улуттук коопсуздукту камсыздоо аспектисиндеги кыйроо. Жана улуттук экономиканын жана экономикалык коопсуздуктун экономикалык туруктуулук көйгөйлөрүн жетишээрлик эмес актуалдаштыруу;
- эл аралык өз ара мамилелердин саясий аспектилеринен абсолюттук абстракциялоодо экономиканын карыздык көз карандуулук деңгээлин төмөндөтүү мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу.

**«Ааламдашуужан экономикалык интеграция шарттарында Кыргыз Республикасынын финансы системасынын архитектурасынын институционалдык аспектилери»** аталган экинчи бөлүмдө финансы системасынын архитектоникасын аныктоонун концептуалдык мамилелери, социалдык- экономикалык өнүгүүдөгү анынролу жана анынтуруктуулугунун методологиялык аспектилери анализденди.

Финансы системасы институциялык структура, элементтер жана звенолор боюнча ар түрдүү илимий көз караштарды пайдалануу менен изилденди.

Финансы системасынын иерархиялык структурасы үч деңгээлди бөлүп көрсөтөт, алардын ар биринде экономикалык субъектилердин белгилүү бир түрлөрү бар, муну менен ар бири түрдүү жагдайлар жана өздөрүнүн финансы ресурстарын түзүү жана колдонуу өзгөчөлүктөрү менен мүнөздөлөт.

Финансы системасын аныктоону анализдөөдө көптөгөн жеке аныктоолор табылды. Россиялык окумуштуу-изилдөөчү В.В. Ковалев финансы системасын бирдиктүү коомдук азыкты бөлүштүрүү жана кайра бөлүштүрүү боюнча кайра өндүрүү процесстин бардык субъектилери ортосунда акча мамилелерин уюштуруу формасы катары карайт [163].

Өз кезегинде М. В. Романовский, О. В. Врублевская финансы системасын институциялык формада – финансы операцияларын жүргүзгөн жана бир эле убакта финансыны башкаруунун субъектилери жана объектилери болуп эсептелген ар түрдүү финансылык институттардын инфраструктурасы катары көрүшөт [205]. Башка окумуштуу В.К. Сенчагов финансы системасынын алкагында кийинки чөйрөлөрдү бөлөт: бюджеттик-салыктык чөйрө же классикалык борборлоштурулган финансы; корпоративдик финансы чөйрөсү (борбордон ажыратылган финансылардын бөлүгү катары); кредиттик-банктык чөйрө жана фондулук рыноктор чөйрөсү (борборлоштурулган финансы бөлүгү жана спекулятивдик капиталдын болуу формасы катары) [259].

Ошол эле маалда, окумуштуу-экономист М.И. Столбов, финансы системасынын структурасы анын ачыктык даражасы жана өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүндөгү ролу менен аныкталат деп эсептейт [269], Р. Голдсмит сыяктуу башка окумуштуу финансы системасын, өлкөдөгү финансы куралдарын жана финансы мекемелерин бириктирүү катарында аныктоого умтулган [317].

Окумуштуулардын келтирилген көз караштарын анализ кылуудан улам, биз кийинки өздүк түшүндүрмөнү сунуштайбыз. Анда, финансы системасы, системалык өз ара байланыштар гана эмес, финансы каражаттарынын кыймылын жөнгө салуунун институциялык өз ара мамилелери да чагылдырылган, чарбалык субъектилердин, финансы институттардын жана чарба жүргүзүүнүн бардык деңгээлиндеги жөнгө салуучу органдардын экономикалык ишмердик процессинде финансы агымдарын уюштуруу боюнча мамилелердин жыйындысын көрсөтөт.

Анализ көрсөткөндөй, Кыргыз Республикасында түзүлгөн финансы системасы, система ичинде финансылык өз ара мамилелерди олуттуу деформацияга жана ушундай финансы инфраструктурасын калыптандырууга алып келген, финансы системасынын звенолору ортосунда натыйжалуу карым-катышты жана финансы агымдарын уюштурууну, жана натыйжада, сандык да, өнүгүүнүн сапаттык деңгээли боюнча да көз караштан улуттук экономиканын реалдуу секторунун экономикалык кеңейишине жана анын көтөрүлүшүнө түрткү берүүнү камсыздай албаган системалык да, институциялык да мүнөздөгү бир катар проблемалардын болушу менен мүнөздөлөт.

Саналган факторлор Кыргыз Республикасынын финансы системасына модернизациялоо жүргүзүү зарылдыгын көрсөтөт, аны менен, экономиканын реалдуу секторуна активдүү дем берген, анда инновациялык курамды

күчөткөн, анда инновациялык курамды күчөткөн, аны менен экономикалык өсүшкө мүмкүндүк берген сапаттуу жаңы системага өтүү түшүнүлөт.

Экономикалык коопсуздукту камсыздоо контекстинде финансы системасын модернизациялоо, финансы системасынынструктуралык-функционалдык мүнөздөмөсүн түшүнүүгө негизделиши керек, анткени анын структуралык подсистемасынын өзгөчөлүгүнөн, анын иштөөсүн анализ методологиясы жана өсүп жаткан тышкы жана ички коркунучтардын шарттарында анын туруктуулугун баалоого мамилени аныктоо көз каранды болот.

Диссертациялык изилдөөдө ошондой эле финансы системасын, звенолордун жана анын тышкы жана ички структуралык өз ара байланыштарынын бүтүн жыйындысы катары үйрөнүүгө методологиялык мамилени иштеп чыгуу аракети көрүлдү.

Ошондуктан, финансылык өз ара мамилелерди жөнгө салуу механизмин теориялык изилдөөлөр үчүн да, практикалык иштеп чыгуулар үчүн да колдонулган, финансы системасынын конфигурациясын куруунун теория-методологиялык принципетринин өз ара байланышкан жыйындысын тактоо, экономикалык өсүштүн жана социалдык өнүгүүнүн узак мөөнөттүү финансы саясатын иштөө үчүн илимий-методикалык платформаны иштеп чыгууга мүмкүндүк берет.

Экономикалык теорияда финансылардын экономикалык өсүшкө таасири боюнча ар түрдүү көз караштар бар. Нобель сыйлыгынын лауреаты Р. Лукастын позициясы өзгөчө кызыгууну жаратат, анын божомолунда финансы экономикалык өсүштү чакырбайт, жөн гана реалдуу сектордун талаптарынын өзгөрүшүнө жооп кайтарат [194]. Полярдык көз караш Нобель сыйлыгынын башка лауреаты М. Миллердин изилдөөсүндө көрсөтүлгөн, анын белгилөөсүндө, финансы рыногу экономикалык өсүшкө мүмкүндүк берет [324]. Й. Шумпетер [299], Голдсмит [317], финансы менен экономикалык өсүштүн байланыштарын көңүл сыртында калтыруу, акыркысын түшүнүүнү олуттуу чектейт деген идеяны таңуулашат.

XX кылымдын 90-жылдарынан баштап финансынын экономикалык өсүшкө таасиринин механизмдери, инвестициялар, адамдык капиталды топтоо жана жалпы өндүрүмдүүлүк сыяктуу каналдарды бөлүү жолу менен изилденген.

Изилдөөнүн мындай мамилеси, финансы секторунун иштөөсү менен узак мөөнөттүү экономикалык өсүштүн ортосунда таасирдүү оң байланыштарды көрсөттү, ошондой эле финансылык өнүгүүнүн факторлорун жана финансы сектору экономикалык өсүшкө таасир берген каналдарды аныктоого мүмкүндүк берди. Жогоруда келтирилген теориялар жана мамилелер, инвестициялык, технологиялык инновациялык өндүрүштү кеңейтүүгө демилге берген финансылык ортомчу катары, экономикалык өсүш процессинде финансынын ролу тууралуу күбөлөндүрөт.

Биздин республиканын шарттарында экономикалык өнүгүүнүн көйгөйлөрүнүн бири болуп, экономикалык коопсуздукту камсыздоодо

финансы индикаторлорун эффективдүү пайдалануну негиздөө кала берет. Буга байланыштуу, ушул изилдөөнүн алкагында биз тараптан финансы системасынын өлкөнүн экономикалык өнүгүүсүнө таасирин аныктоо аракети көрүлдү. Финансы системасынын өнүгүү даражасын баалоо үчүн база катарында негизги макроэкономикалык жана финансылык көрсөткүчтөрдүн расмий статистикасы алынды.

Атап айтканда, сунушталган көрсөткүчтөр, экономиканын реалдуу сектору катары да, жана финансы системасы катары да динамикалык абалды чагылдырууга мүмкүндүк берет. Сунушталган көрсөткүчтөрдү аныктоо принциби, финансылык жана экономикалык реалдуу сектордун мүнөздөмөсү канчалык байланышта экендигин көрсөтүүдө турат.




**2.2-сүр. Улуттук экономиканын финансылык жана өндүрүштүк мүнөздөмөлөрүнүн көрсөткүчтөр динамикасы**

Булак: тийиштүү жылдардагы «Кыргызстан сандарда» статистикалык маалыматтардын негизинде автор тарабынан түзүлгөн [http://www.stat.kg].

2.1- сүрөттө көрүнгөндөй, өндүрүштүк продукциянын көлөмү, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу (тактап айтканда, ИДПнын финансы рыногунун үлүшү), экономикага кредиттик салымдар, мамлекеттик бюджеттин кирешелери жана негизги фонддорду ишке киргизүү сыяктуу өзгөрмөлөрдүн синхрондуулугу ачык көрсөтүлгөн. Бул синхрондуулук толук күтүлүүчү жана теориялык өбөлгөлөр практикада тастыктоо тенденциясына ээ деген фактыны ырастайт. Финансы рыногуна салым жана ИДПга камсыздандыруу канчалык көп болсо, экономикага кредиттик салымдар ошончолук көп болот, натыйжада, негизги фонддорду ишке киргизүү жана өндүрүштүк продукциянын көлөмүн жогорулатуу, жана ага жараша бюджеттин киреше бөлүгүнүн өсүшү болот. Бул жерден, реалдуу өндүрүштү жана мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүн жогорулатуу үчүн улуттук

экономиканын финансы секторунун үлүшүн жогорулатуу зарылдыгы келип чыгат.




**2.2-сүр. Банк көрсөткүчтөрүнүн жана ИДПнын динамикасы**

Булак: тийиштүү жылдардагы «Кыргызстан сандарда» статистикалык маалыматтардын негизинде автор тарабынан түзүлгөн [http://www.stat.kg].

2.2-сүрөттө көрүнгөндөй, банк системасынын көрсөткүчтөрүнүн өсүшү экономикага кредиттик салымдардын көлөмүнүн өсүшүнө алып келет, жана ага ылайык ИДПнын темпи өсөт. Реалдуу ИДПнын базалык 2010-жылга өсүү темпи пайыз менен алганда 2018-жылы 138,6%ды түздү, бул 2010-жылдын деңгээлинен 4 пайыздык пунктка, ал эми 2000-жылга салыштырмалуу 38,6 %га жогору. Коммерциялык банктар тарабынан берилген кредиттердин көлөмү, ошондой эле жыл сайын өсүүдө жана, миллиарддан ашык деңгээлге жетти.

Финансы системасынын туруктуулугун баалоо методикасы боюнча айтсак, ал колдонулган критерийлердин чыныгы же болжолдонгон маанилеринин негизинде эксперттик бааларды же формалдашкан сандык методдорду колдонуу менен бир же бир нече критерийлердин негизинде бааланарын белгилей кетүү зарыл.

Бул проблеманы изилдөөнүн жыйынтыгында, изилдөөчүлөр жалпы финансы системасынын туруктуулугун комплекстүү баалоого эмес, айрым, масштабы боюнча кичинекей подсистемалардын туруктуулугунун анализине көңүл бура тургандыгы аныкталды.

Финансы системасынын туруктуулук көрсөткүчтөрүн төрт чоң топко бөлүүгө болот: финансылык туруктуулуктун көрсөткүчтөрү депозиттик мекемелер боюнча; аналогиялык параметрлер башка секторлор боюнча; финансы рыногун мүнөздөгөн көрсөткүчтөр; кыймылсыз мүлк рыногунун көрсөткүчтөрү.

Көрсөткүчтөрдүн ар бир бөлүнгөн блогу, курамына финансылык жана финансылык эмес корпорацияларды, финансы жана кыймылсыз мүлк рынокторун камтыган, улуттук финансы системасынын тигил же бул

структуралык элементин мүнөздөйт. Бирок ошентсе да, бул изилдөөдө бардык каралып жаткан көрсөткүчтөр кайсы бир бүтүн системага кошулбайт: де-факто ар бир бөлүнгөн параметрлер блогу обочолонуп каралат, аны менен, анализ болушунча абстракттуу жүргүзүлөт. Чындыгында, улуттук финансы системасынын туруктуулугун баалоо процессинде теориялык жактан колдонулушу мүмкүн болгон көрсөткүчтөр каралат, ал эми айрым улуттук экономикалардын алкагында, финансылык туруктуулуктун айрым параметрлерин практикалык колдонуу жана анын адаптациясы менен байланышкан прикладдык маселелер көтөрүлбөйт.

Изилдөөнүн алкагында мамлекеттик жөнгө салуучу органдардын, айрыкча, атамекендик финансы системасынын туруктуулугуна мониторинг жүргүзгөн КРУБ ишмердигине анализ жүргүзүлдү, жана сандык баалоо методологиясын колдонбоо тенденциясы байкалууда. Бул жерден ачык болгондой, финансы системасынын туруктуулугуна мониторинг, системалык тобокелдиктерге жана аларды жөнгө салуу жана төмөндөшү боюнча сунуштарга таянат. Буга байланыштуу экономикалык коопсуздукту башкаруу моделин түзүү үчүн биз финансы системасынын туруктуулугунун жеке жана жалпыланган көрсөткүчтөрүн колдонууну сунуштайбыз.

Жеке көрсөткүчтөр, бир гана фактордун таасирин чагылдырат, ал кирген топтун курамынан көз карандысыз түрдө, ал эми жалпылама көрсөткүчтөр, ар түрдүү топторго кирген факторлордун жыйындысынын таасирин чагылдырат. Ошондуктан, артыкчылык жалпылама көрсөткүчтөргө берилет. Анализде колдонулган ар бир жалпылама көрсөткүч, финансы системасынын туруктуулугуна таасирдик көз караштан алганда так экономикалык интерпретацияга ээ болууга, маанилүү, объективдүү өлчөнүүчү жана такай көзөмөлдө болууга тийиш.

Финансы системасынын туруктуулугуна мониторингдин негизин критерийлердин белгилүү бир система түзөт. Мындай мамилеге ылайык, финансы системасынын туруктуулугунун жалпылама критерийлерин төмөнкү деңгээлдер боюнча бөлүүгө болот:

- улуттук экономиканын туруктуулугун мүнөздөгөн макроэкономикалык критерийлер;
- финансы рыногунун туруктуулугун мүнөздөгөн макропруденциалдык критерийлер;
- улуттук финансы системасынын курамына кирген ири чарбалык субъектилердин туруктуулугун мүнөздөгөн микропруденциалдык критерийлер.

Иште сунушталган критерийлердин негизинде финансы системасынын туруктуулук көрсөткүчтөрүнүн классификациясы жалпыланды (1.1-табл.).

**2.1-таблица – Финансы системасынын туруктуулук критерийлеринин көрсөткүчтөрүнүн деңгээлдери боюнча классификациясы**

| Макроэкономикалык критерийлер | Макропруденциалдык критерийлер | Микропруденциадык критерийлер |
|---|---|---|
| 1.Ички дүң продукция;<br>2. Инфляциянын деңгээли;<br>3. Мамлекеттик карыздын жүктөм деңгээли;<br>4. Мамлекеттик бюджеттин дефицити (профицити);<br>5. Соода баланстын дефицити (профициті). | 1.Пайыздык коюмдардын деңгээли;<br>2.Улуттук валютанын курсу;<br>3.Акциялар рыногунун динамикасын чагылдырган индекс;<br>4.Баалуу металлдар рыногунун аналогиялык параметри. | 1. Кредиттик уюмдар;<br>2.Камсыздандыруу уюмдары;<br>3.Финансы рыногунун кесипкөй катышуучулары. |

Булак: автор тарабынан [Сенчагов, В.К. Россиянын экономикалык коопсуздугу. – Москва: БИНОМ. Лабораториялык билим, 2010. – 815 б.] негизинде иштелип чыкты.

2.1-таблицада көрүнгөндөй, финансы системасынын туруктуулук критерийлерин көрсөткүчтөр деңгээлдери боюнча классификациялоонун татаалдыгы, ал бардык деңгээлдердеги көрсөткүчтөрдүн жетишерлик чоң жана сыйдыргычтуу саны менен бөлүштүрүүдө көрүнөт. Муну менен бир катар методикалык көйгөйлөр жаралат, алардын бири болуп финансы системасынын туруктуулугуна таасирди сандык баалоо эсептелет.

ИДПнын өсүшүнүн оң темпин аныктоодо экономиканын өсүшү, ал эми тетирисинде – экономиканын кыскарышы жөнүндө белгилөөгө болот. Мамлекеттик бюджеттин жана соода балансынын жетишпестигинин (профицитинин) көрсөткүчтөрү улуттук экономиканын өнүгүшүнүнтең салмактанганкөрсөткүчтөрү боло алат. Демек, биринчи көрсөткүч мамлекеттик кирешелердин жана чыгалашардын тең салмактуулугун, ал эми экинчиси – анализденген өлкөнүн соода операцияларынын (экспорттук-импорттук) тең салмактуулугун чагылдырат. Мындай өңүттө, финансы системасынын туруктуулугун баалоонун бекитилген критерийлеринин параметрлик маанилери боюнча гана экономикалык коопсуздук камсыздаларын белгилөөгө болот. Аны менен катар, биз финансы системасынын бюджеттик-салыктык, кредиттик-банктык жана финансылык көрсөткүчтөр боюнча көрсөткүчтөрүн критерийлик баалоо системасын киргизүүнү сунуштайбыз.

**«Экономикалык коопсуздуктун коркунучу жогорулоо шарттарында Кыргыз Республикасынын финансылык системасын трансформациялоонун өзгөчөлүктөрү»** аттуу үчүнчү бөлүм алакалашкан экономиканын шарттарында экономикалык коопсуздукту камсыздаган өлкөнүн финансылык системасынын негизги звенолору катары мамлекеттик жана корпоративдик финансылардын, үй чарбасынын финансыларынын жана КРнын финансылык рынокторунун абалынын анализине арналды.

Экономикалык коопсуздукту камсыздоодо орчундуу ролду финансылык системанын аталып кеткен бардык звенолору ойной тургандыгы

изилдөөнүн натыйжасында аныкталды. Бирок, мамлекеттик финансылардын абалынын маанилүү параметри катары бюджеттин тең салмактуулук проблемасы бар экендиги айкын. Жана бул проблеманы эки аспектиде кароо зарыл: макроэкономикалык – экономиканын туруктуулугунун жоголушунун кесепети катары жана бюджеттик-салыктык – бюджеттин чыңалуусунун өсүүсүнүн кесепети катары.

Теоретикалык концепцияларга ылайык экономикалык илимде далилденген мыйзам ченемдүүлүктөр өкүм сүрөт, аларга ылайык мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн өсүшү ИДПнын өсүүсүнө алып келет. Аталган теоретикалык постулатты тастыктоо же жокко чыгаруу үчүн биз КРнын мамлекеттик бюджетинин киреше бөлүгүнүн жана ИДПнын ортосундагы булактардын функционалдык көз карандылыгын аныктоо боюнча эконометрикалык моделдештирүүнүн анализин жүргүздүк.


КРнын бюджетинин киреше бөлүгүнүн структурасынын динамикасы 2000-2017 – жылдардагы статистикалык маалыматтарды пайдалануу аркылуу изилденди (3.1-табл.).

**3.1-таблица. 2000-2017–жылдар үчүн Кыргыз Республикасынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн структурасынын динамикасы (млн. сом)**

| | 2000 | 2002 | 2004 | 2006 | 2008 | 2010 | 2012 | 2014 | 2016 | 2017 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Салыктык түшүүлөр** | 7675,8 | 10474,4 | 13986,6 | 19981,2 | 35900 | 39400 | 63 911,40 | 82600 | 93800 | 103400 |
| **Салыктык эмес түшүүлөр** | 1583,6 | 2964,3 | 3418,9 | 4696 | 8154,8 | 8620,9 | 17 252,40 | 26780,5 | 26816,8 | 30255,5 |
| **Расмий алынган трансферттер** | 608,2 | 1755 | 1309,3 | 266,1 | 1399,8 | 7 022,10 | 5 608,30 | 9950,9 | 10857 | 10346,2 |

Булак: КР Улутстаткомунун маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү

2000-2017–жылдар үчүн Кыргыз Республикасынын бюджетинин киреше бөлүгүнүн структурасынын көрсөтмө динамикасы 3.1-сүрөттө берилди





**3.1-сүрөт. 2000-2017–жылдар үчүн КРнын мамлекеттик бюджетинин киреше бөлүгүнүн структурасынын динамикасы**

Булак: КР ФМ, КР УСК маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү[http://www.minfin.kg, http://www.stat.kg]

Моделдештирүүнүн натыйжасын төмөнкүдөй түрдө түшүндүрүүгө болот:
- салыктык кирешени 1 сомго жогорулатуу республика боюнча орточо эсеп менен мамлекеттик кирешенин 0,9 миң сомго өсүшүнө алып келет;
- алынган расмий трансфертти 1 сомго жогорулатуу орточо эсеп менен мамлекеттик кирешенин 1,2 миң сомго өсүшүнө алып келет;
- салыктык эмес кирешени 1 сомго жогорулатуу орточо эсеп менен мамлекеттик кирешенин 0,98 миң сомго өсүшүнө алып келет.

Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн структурасын анализдеп, салыктык жана салыктык эмес түшүүлөрдүн катышынын көз карашында салыктык түшүүлөр тарапка кыйшаюу байкалгандыгын биз тастыктай алабыз, биздин көз караш боюнча бул макроэкономикалык туруктуулуктун коркунучунун жана туруксуздашуусунун себептеринин бири болушу мүмкүн. Атап айтканда, салыктык түшүүлөр тараптан бюджеттин киреше бөлүгүнүн артыкчылык мүнөзү өзгөчө экономиканын туруксуздугунун жана экономиканын өндүрүштүк төмөндөшүнүн мезгилинде кырдаалды мындан да начарлатуу менен аны аярлуу кылат. Демек, мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн өзгөчө оптималдуу структурасын калыпатандыруу жана аныктоо принциптеринин көз карашында бюджеттик саясатты кайра форматташтыруу зарыл.

Финансылык системанын туруктуулугун орнотууга түрткү берген башка финансылык индикатор болуп салыктар эсептелет (4-сүрөт).





**3.2-сүрөт. ИДПнын өсүү темпинин, бюджеттин салыктык кирешелеринин жана ИДПнын катнашы (млн. сом)**

Булак: КР УСК маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү [http://www.stat.kg]

3.2-сүрөттө эки параметр боюнча оң жактуу катары мүнөздөлгөн салыктык түшүүлөрдүн жана ИДПнын динамикасы көрсөтүлгөн. Ошону менен бирге, ИДПнын өсүшү салыктык түшүүлөрдөн мүнөздүү көз карандылыгын чагылдырбайт. Буга толук негизделген түшүндүрмө бар, тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын шарттарында ИДПнын өсүү темпине таасир берген бир кыйла олуттуу фактор болуп Кумтөр өнөр жай ишканасынын ишмердүүлүгү эсептелет. Бул жагдайда, бул ишкана чет элдик экендигин белгилеп кетсек, бул өлкөбүздүн экономикалык коопсуздугун камсыздоо шарттарындагы прецедент жаратат.

Кийинки 5-сүрөттө ИДПга салыктык кирешелердин үлүшүнүн өзгөрүү тенденциялары же чарбалык субъекттерге салыктык жүктөмдү мүнөздөгөн жана ишмердик активдүүлүккө таасир берген салыктык жүк көрсөтүлгөн.





**3.3-сүрөт. 2000-2018 – жылдар үчүн ИДПга % салыктык түшүүлөр**

Булак: КР УСК маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү[http://www.stat.kg]

Жүргүзүлгөн анализ көрсөткөндөй, 2000-жылдан 2018-жылга чейин салыктык түшүүлөрдүн динамикалык өсүүсү көрсөтүлгөн, муну Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин жаңы редакциясы 2009-жылдын 1-январынан тартып күчүнө киргендиги менен байланыштырышат, ага ылайык Кыргыз Республикасынын аймагында бизнес жүргүзүү үчүн жетиштүү түрдө ыңгайлуу шарттар түзүлгөн, ошондой эле экономикалык көрсөткүчтөрдө позитивдүү тенденциялар белгиленген, анткени 2000-жылдан 2018-жылга чейинки мезгилде экономиканын туруктуу гана эмес, оң жактуу да өсүшү байкалат.

Мамлекеттик финансылардын чөйрөсүнүн туруктуулугун мүнөздөгөн маанилүү параметри болуп мамлекеттик бюджеттин дефициттик же профициттик предметинин абалына, ошондой эле анын финансылоо булактарына жүргүзүлгөн анализ эсептелет. Экономикалык коопсуздук позициясында мамлекеттик бюджеттин абалын изилдөө менен, биз бюджеттин дефицитин финансылоонун тышкы жана ички булактарын изилдешибиз керек.

3.4-сүрөт көрсөткөндөй, 2000-жылдан бери тышкы жана ички финансылоо жогорку көрсөткүчтөрү менен айырмаланган эмес. Тышкы финансылоонун олуттуу өсүшү 2009-жылы болгон, ошону менен бирге эле ички финансылоо бир кыйла төмөндөгөн. 2010-жылдан тартып тышкы финансылоонун өсүшү байкалууда, ал 2014 жылы бийик чегине жеткен, ал эми 2018-жылга карата бул көрсөткүчтүн бир аз төмөндөгөнү байкалган. Ички финансылоону айтсак, 2014-жылдан тартып ал жайыраак өсүүдө, жана 2018-жылы бир топ эле төмөндөп кеткен. Ошону менен, изилденген мезгилдин ичинде мамлекеттик бюджеттин дефицити байкалган, ал 2016-жылы өзүнүн бийик чегине жеткен.




**3.4-сүрөт. Мамлекеттик бюджеттин дефицитин финансылоо булактары**

Булак: КР УСК маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү [http://www.stat.kg]

Андан тышкары, Кыргызстанда мамлекеттик бюджеттин өнөкөт дефицити байкалгандыгын ататган анализ көрсөттү (2008-жылды кошпогондо). Мындай жагдай ири экономикалык кесепеттерге алып келет, анткени өзүнө республиканын экономикасына ашыкча жүктөмдү алып жүрөт. Бул учурда бюджеттин дефицити өзүнүн босоголук чегинен ашып кетти жана ал кооптуулукту гана алып жүрбөстөн, ири экономикалык зыян да алып келет. Бюджеттин дефицитинин мындан ары өсүүсүнөн качуу максатында мамлекеттик органдар административдик чараларды азайтууга жана өлкөнүн инновациялык дараметин жогорулатууга багытталган аракеттерди кабыл алуу жолу менен өзүнүн финансылык саясатын коррекциялоосу зарыл. Булар төмөнкүлөр болууга тийиш: жаңы технологияларды колдонуу, өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшүн өнүктүрүү.

КРнын бюджетинин дефицитине жүргүзүлгөн анализ көрсөткөндөй, ири дефициттин себептеринин бири болуп ички жана тышкы карызды камсыздоо саналат. Бюджеттин көлөмдүү бөлүгү карыздарды жабууга жана пайыздарды төлөөгө кетүүдө. Жалпы карыздын структурасында мамлекеттик карызга карата тышкы карызды кыскартуу тенденциясы жана ички карызды көбөйтүлүшү байкалгандыгын белгилеп кетүү керек. Бюджеттин дефицитин ички финансылоонун негизги булагы болуп мамлекеттик баалуу кагаздарды жайылтуудан алынган каражаттар эсептелет. Мамлекеттик балуу кагаздарды (мындан ары – МБК) чыгарууну көбөйтүү боюнча саясатты ишке ашыруу улантылууда, атап айтканда, чыгаруу көлөмү олуттуу өскөн узак мөөнөттүү МБК.



**3.5-сүрөт. 2000-2017-жж. КРнын мамлекеттик тышкы карызы**

Булак: КР УСК маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү [http://www.stat.kg]

КРнын мамлекеттик тышкы карызына жүргүзүлгөн анализ көрсөткөндөй, изилдеген мезгилде анын туруктуу өсүшү байкалат. Ошону менен бирге, товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн экспортуна карата мамлекеттик тышкы карыз аталган мезгилдин соңунда 2008-жылга карата олуттуу азайган, жана андан кийин кайрадан акырындык менен көбөйгөн. Ошону менен, экономикалык коопсуздуктун босоголук белгилеринин көрсөткүчтөрү боюнча экспорттук көлөмдөргө карата тышкы карыздын катышынын белгиси 30%дан ашык болбоого тийиш, ошол эле учурда биздин практикада ал 100%дан ашууда. Мамлекеттик тышкы карыздын мындай жогорку көрсөткүчтөрү тышкы карыздардын маанилүү тобокелдигин көрсөтүүдө, анткени экономикалык кайра жаралуу жолунда олуттуу тоскоолдук болуп калууда.

Финансылык чөйрөдөгү кризистик кырдаалды баалоону ар кандай индикативдүү көрсөткүчтөр боюнча эсептеп келишет, алардын ичинен коопсуздукка жаралган коркунучдарга мамлекеттик финансылардын туруктуулугун белгилеп кетүү керек.

Алынган жыйынтыктар мамлекеттик бюджеттин финансылык туруктуулугунун жетиштүү түрдө алсыздыгы тууралуу күбөлөндүрөт, бул, алгач ири карыздык жүктөм менен шартталган. 3-таблицада көрсөтүлүп тургандай, мамлекеттин реалдуу карыздык көз карандылыгынын коэффициенттери, бюджеттин карыздык көз карандылыгынын коэффициенттери ченемдик бсоголук белгиден жогору турат. Жогорку натыйжалар аларды төмөндөтүү боюнча чаралардын комплексин иштеп чыгуу зарылдыгы жөнүндө күбөлөндүрүп турат. Мындай чараларга төмөнкүлөрдү байланыштырууга болот: республиканын экономикасынын импорттон көз карандылыгын төмөндөтүү; сырттан карыз алуу шарттарын кайра карап чыгуу.


**3.2-таблица. 2000-2018-жж. КРнын мамлекеттик бюджетинин финансылык туруктуулугунун көрсөткүчтөрүнүн динамикасы**

| | 2000 | 2004 | 2008 | 2012 | 2016 | 2018 | Ченемдик белги |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Экономиканын карыздык көз карандылыгынын коэффициенти | 0,65 | 0,67 | 0,67 | 0,7 | 0,63 | 0,64 | ≤ 0,6 |
| Экономиканын реалдуу карыздык көз карандылыгынын коэффициенти | 0,77 | 0,8 | 0,75 | 0,82 | 0,86 | 0,88 | ≤ 0,6 |
| Мамлекеттин тышкы карыздык көз карандылыгынын коэффициенти | 0,57 | 0,59 | 0,6 | 0,58 | 0,55 | 0,58 | ≤ 0,43 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бюджеттин карыздык көз карандылыгынын коэффициенти | 89,3 | 137,3 | 145,3 | 185,3 | 188.3 | 197,4 | ≤ 0,3 |
| Тышкы карыздык жүктөмдүн коэффициенти | 0,12 | 0,33 | 0,15 | 0,17 | 0,31 | 0,22 | - |
| Жарандын карыздык жүктөмүнүн коэффициенти | 8342 | 15243 | 23442 | 29883 | 34224 | 51743 | → 0 |

Булак: КР УСК маалыматынын негизинде автор тарабынан эсептелди[http://www.stat.kg].

Алынган жыйынтыктар 3.6-сүрөттө ачык көрсөтүлдү




**3.6-сүрөт. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик финансыларынын туруктуулугунун негизги көрсөткүчтөрүнүн динамикасы**

Булак: КР УСК маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү [http://www.stat.kg].

Ошентип, алынган жыйынтыктарга ылайык мамлекеттик финансылар чөйрөсүнүн абалы туруксуздугу менен айырмаланып турат жана мамлекеттин бюджетин жөнгө салууга карата финансылык саясатты түзүү принциптерин карап чыгуу зарылдыгы жөнүндө күбөлөндүрүп турат. Маалыматтар каралган мезгил үчүн карыздык жүктөмдүн олуттуу өсүшү жана карыздык туруктуулуктун төмөндөшү байкалгандыгын күбөлөндүрөт.


Акыркы жылдардагы тышкы карыздын өсүшү эл аралык финансылык институттарынан жана айрым өлкөлөрдөн алынган карыздар менен шартталган. Учурдагы жагдай экономикалык өсүүнүн ички булактарына көңүл бурууну күчөтүүнү талап кылат. Көпчүлүк учурда бул уюмдардын жана калктын инвестициялык активдүүлүгү менен ишке ашырылат.

Финансылык системанын бир кыйла олуттуу компоненти болуп чарбалык субъекттердин, ишканалардын жана үй чарбалардын финансылык чөйрөсү саналат. Дал ушул звенолор улуттук экономиканын ички

инвестициялык резервдерин түзүүгө жана амортизациялык саясатты ишке ашыруу аркылуу технологиялык өндүрүш деңгээлин жогорулатуунун негизинде инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүүгө түрткү берерин белгилеп кетебиз [284]. Белгилүү болгондой, ишканалардын жана компаниялардын финансылык ресурстарын аккумуляциялоо жана кайра бөлүштүрүү институту болуп баалуу кагаздардын рыногу же фонддук рыноктор эмептелет. Кыргыз Республикасында корпоративдик баалуу кагаздардын рыногу түзүлгөн, бирок, ошону менен бирге эле анын толук кандуу иштегендиги жөнүндө биз айта албайбыз.

Ошентип, акыркы жылдарда байкалган эмисиялардын масштабынын кеңейиши компаниялар тарабынан жеке өнүгүү максатында инвестицияларды тартуу ниеттери жөнүндө күбөлөндүрөт. Демек, банк кредиттерин пайдалануу гана эмес, өндүрүштү финансылоонун жаңы, альтернативалык жолборун табуу жана колдонуу рынок шарттарында компанияларды өнүктүрүүнүн туруктуу тенденциясы болуп саналат. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматынын (мындан ары – КР Мамфинкөзөмөл) маалыматы боюнча 2018-жылдын 1-январына карата Кыргыз Республикасынын баалуу кагаздар рыногунда 64 юридикалык жак кесиптик ишмердүүлүгүн жүзөгө ашырып келет.

Тармактык тилкеде пайданын негизги көлөмү кайра иштетүү өнөр жай ишканаларына, курулуш уюмдарына, электрэнергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо боюнча, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу, соодо чөйрөсүнүн, транспорт жана байланыш, пайдалуу кедерди казуу боюнча уюмдарга таандык болгон. Ошондой эле, дүң кирешенин олуттуу көлөмү курулуш, байланыш, соода, транспорттук ишмердүүлүк жана жүктөрдү сактоо, пайдалуу кендерди казуу ишканаларына таандык.




**3.7-сүрөт. 2018-ж. ишканалардын пайдасынын (дүң кирешесинин) структурасы (экономиканын ишканаларынын пайдасынын (дүң кирешесинин) жалпы көлөмүнө карата пайыз менен)**

Булак: КР УСК маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү [http://www.stat.kg].


Инвестициялык активдүүлүккө дем берүүгө 2009-жылы Мамфинкөзөмөлдүн демилгеси менен жеке капиталдын өлчөмүнө жана фирманын өкүм сүргөн убактысына карабастан ишканаларга облигацияларды чыгарууга жол берген Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөрдүн кабыл алынышы түрткү берген. Мындай өзгөртүүлөр, ошондой эле бир катар башка түзөтүүлөр, анын ичинде облигациялар боюнча чектөөлөрдү акционердик коомдор үчүн гана эмес, жоопкерчилиги чектелген коомдор (ЖЧК) үчүн да алып салуу Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине, «Акционердик коомдор жөнүндө» [6] жана «Чарбалык шериктиктер жана коомдор жөнүндө» [13] Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына киргизилген. Аталган өзгөртүүлөр облигацияларды чыгаруу жана корпоративдик облигациялар рыногун андан ары өнүктүрүү үчүн түрткү берген.

Динамиканы жана анын өнүгүүсүнүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн баалоо менен Кыргыз Республикасындагы корпоративдик баалуу кагаздар рыногу азыркы учурда экономика тарабынан өзүнө жүктөлгөн функцияларды аткарбай жаткандыгын жана реалдуу өндүрүштүн иштетүүчү процессине андан ары инвестициялоо үчүн калктын эркин акча каражаттарын аккумуляциялабагандыгын биз тастыктоого жол беребиз. Бул баарынан мурда, баалуу кагаздарга жазылуу механизмдеринин толук түрдө пайдаланылбагандыгы менен түшүндүрүлөт. Финансы каражаттарынын олуттуу көлөмүн соода аянтчасына тартууга түрткү берген башкы, эффективдүү жана масштабдуу экинчи рынок жок.

Финансы системасынын кийинки звеносу – бул үй чарбаларынын финансысы. Үй чарбаларын шарттуу тандап изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, 2010-жылга салыштырмалуу 1,4 эсеге көбөйүү менен 2017-жылы Кыргыз Республикасынын калкынын акчалай кирешеси бир айда киши башына 4739,41 сомду түзгөн [215].

Калктын акчалай кирешеси жалданган жумушчуларга төлөнүүчү айлык акынын, социалдык трансферттердин (пенсия, жөлөк пул, стипендия, камсыздандыруу төлөмдөрү жана башка төлөөлөр), ишкердик менен алектенген жактардын кирешелеринин, менчик кирешелердин (салымдар, баалуу кагаздар, дивиденддер, мүлктөрдү ижарага берүү боюнча пайыздардын), жеке кошумча чарбанын жана башка кирешелердин эсебинен түзүлгөн.

2000-2018- жылдар ичинде Банк системасынын негизги көрсөткүчтөрүн кароо алардын өнүгүү динамикасын көрсөттү (3.8-сүрөт).




**3.8-сүрөт. Реалдуу ИДПнын, сактоо депозиттеринин, банк системасынын кредиттеринин жана БФКУ кредиттеринин өсүшүнүн өзгөрүү тенденциясы**


Булак: 2000-2018-жж. үчүн КР УСК маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү [http://www.stat.kg].

3.8-сүрөттө реалдуу ИДПнын, сактоо депозиттеринин, банк системасынын кредиттеринин жана БФКУ кредиттеринин өсүшүнүн ортосундагы байланыш чагылдырылды. Калыптанган өз ара байланыш оң жактуу катары мүнөздөлөт, жана калктын сактык каражаттары, ошондой эле финансы институттарынын кредиттери сөзсүз түрдө дал реалдуу ИДПнын өсүү темптеринде оң жактуу чагылдырылат, ал тикелей түрдө республиканын калкынын жашоо деңгээлине таасир берет.

Андан тышкары, ашыкча катары квалификациялоого мүмкүн болгон, демек, корпоративдүү баалуу кагаздарга инвестициялоого багытталышы мүмкүн болгон акча каражаттарынын бир аз бөлүгү калктын колунда экендигин чыгарылган тыянактар тастыктап турат. Ички инвестицияларга түрткү берүүнүн жана алардын кызыкчылыктарынын укуктарын коргоонун мамлекеттик чараларын кабыл алуу зарыл.

Мына ошентип, корпоративдик баалуу кагаздардын рыногунун токтогон мүнөзү жана калктын жетиштүү эмес сактык-инвестициялык жогорку деңгээли институционалдык мүнөздөмөлөр катарындагы деңгээлде да, иштөө механизминин деңгээлинде да финансы системасынын жана финансы секторунун ишиндеги системалык натыйжасыздык тууралуу күбөлөндүрүп турат.


КРнын финансы системасынын институционалдык структурасын айта турган болсок, анда ал изилденген мезгилде өзгөрүүсүз бойдон калган.




**3.9-сүрөт. 2000-2018-жылдары финансы секторунун институционалдык структурасынын өзгөрүү динамикасы**

Булак: 2000-2018-жж. үчүн КР УСК маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү [http://www.stat.kg].


3.9-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, изилденген мезгил үчүн коммерциялык банктардын жана банктык эмес финансы-кредиттик уюмдардын саны (мындан ары – БФКУ) факт жүзүндө эч өзгөргөн эмес. КРнын коммерциялык банктары КРнын финансы системасында туруктуу лидерлик абалдардын бирин ээлейт, бул банктык багыттык финансылык системаны тастыктап турат. Саны боюнча коммерциялык банктарга караганда БФКУнун үстөмдүгү бул институттун алыскы айыл аймактарында өзгөчө суроо-талаптуу экендиги менен түшүндүрүлөт. Демек, коммерциялык банктардын төмөн финансылык киришүүсү тууралуу айтууга болот. Изилденген мезгил үчүн кредиттик бирликтердин жана микрофинансылык уюмдардын саны кыскарган. Башка институционалдык структуралар боюнча практика жүзүндө өзгөрүүлөр болгон эмес.




**3.10-сүрөт. Финансы секторунун ишканаларынын ишмердүүлүгүнүн финансылык көрсөткүчтөрү**

Булак: 2000-2018-жж. үчүн КР УСК маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү

3.10-сүрөттө көрсөтүлүп тургандай, финансылык көрсөткүчтөр расмий статистикага ылайык ишканалардын кирешелүүлүгү боюнча 3,5 эсе көбөйгөн өсүүнүн туруктуу тенденциясын чагылдырып турат. Атап айтканда, 2018-жылы финансы секторунун рентабелдүү уюмдарынын үлүшү алардын жалпы санынан 65,4 пайыз, чыгашалыгы – 19,2 пайыз деңгээлде аныкталган. Жылдын жыйынтыгы боюнча экономиканын финансы секторунда 6375,3 млн. сом киреше өлчөмүндөгү оң жактуу сальдолонгон финансылык жыйынтык алынган, бул өткөн жылга салыштырмалуу 59,7 млн. сомго көп [215].




**3.11-сүрөт. 2000-2018-жылдары экономикага алынган кредиттер**

Булак: 2000-2018-жж. үчүн КР УСК маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү [http://www.stat.kg]

Кредиттердин структурасында банк системасынын кредиттери үстөмдүк кылат, ал эми БФКУ кредиттери олуттуу эмес орунду ээлейт. 13-сүрөттө көрсөтүлгөндөй, депозиттердин жалпы көлөмүнө карата банктардан тышкары акчалардын көрсөткүчү өтө жогору. Бул экономикалык максаттардагы ушул финансы ресурсун пайдалануу мүмкүндүгү жөнүндө күбөлөндүрүп турат.

Финансы рыногунун бир кыйла олуттуу сектору – бул камсыздандыруу рыногу. Кыргыз Республикасында 2017-жылы 20 компания камсыздандыруу ишмердүүлүгүн жүргүзгөн. Алардын баардыгы Бишкек шаарында жайгашкан, алардын бири мамлекеттик, калгандары болсо жеке болуп саналат.

Камсыздандыруу премияларынын өсүшү камсыздандыруу рыногунун пландуу жана иреттүү ишинин, ошондой эле калк үчүн маалыматтын жеткиликтүүлүгүн жана сунушталган кызмат көрсөтүүлөрдү жогорулатуунун эсебинен жүзөгө ашырылган.ал эми камсыздандыруу рыногунун активдеринин жана жеке капиталынын өсүүсү «Камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) уюмдары жана камсыздандыруу (кайра камсыздандыруу) брокерлери үчүн уставдык капиталдын минималдык өлчөмдөрүн бекитүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 1-июнундагы №292 токтому менен шартталган, ага ылайык камсыздандыруу компанияларынын капиталынын минималдуу өлчөмүн 50 млн. сомго жогорулатуу жана 150 млн. сомго жеткирүү каралган [86].

Сектордун финансылык туруктуулугу белгилүү бир  түрдө калыптанган жана оң жактуу өсүү темпин чагылдырат. Ошону менен бирге, ата мекендик практикада финансы системаларын туруксуздаштыруунун себептери болушу мүмкүн болгон ички дагы, тышкы дагы мүнөздөгү бир катар коркунучтар бар. Атап айтканда, эгерде банк системасы жөнүндө айтсак, 50 пайызга 49 пайыз үлүштүк катыштагы чет элдик капиталдын (россиялык, казакстандык) болгондугу, башкача айтканда, банк системасындагы чет элдик капитал дээрлик 50 пайызга барабар болгон ички системдүү коркунучтарды биз белгилеп кетээр элек. Бул өзгөчө кризистик кырдаалдарда финансы системасынын туруктуулугун олуттуу козголтушу мүмкүн болгон, ал эми финансылык-экономикалык коопсуздук кооптуу абалда калышы мүмкүн болгон коркунуч.

Кийинки фактор, бул кредиттер жана депозиттер боюнча пайыздык коюмдардын катыштыгы.

Жетиштүү түрдөгү жогорку маржа (пайда) банк системасындагы рыноктук бийликтин топтолгондугу жөнүндө айтып турат, биздин көз караш боюнча, бул терс тышкы шок жаралган учурда коркунуч жаратышы мүмкүн, ошондой эле мындай кырдаал экономикага кредит берүүнүн өсүшүнө түрткү бербейт жана аны менен ал бүтүн финансы системасынын маанилүүлүгүн жана туруктуулугун алсыратат, жана ошондой эле улуттук экономиканын реалдуу секторунун потенциалдуу мүмкүнчүлүгүнө доо кетирет жана анын экономикалык коопсуздук деңгээлин төмөндөтөт.

Төртүнчү бөлүм “**Кыргыз Республикасынын финансы системасынын детерминанттарынын диагностикасы Кыргыз Республикасынын келечегине карай экономикалык коопсуздугунун жана финансы системасынын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүнүн өзөктүү фактору катары**” деп аталып, финанасы системасынын туруктуулугун баалоо, экономикалык коопсуздукту камсыз кылуунун жана финансы саясатын ишке ашырунуну негизги багыттарынын шарттары катары аны модернизациялоо  маселелери каралды.

Интеграциялоо процессинин шартында финансы системасынын туруктуулугун баалоонун жаңы критерийлерин издөө экономикалык коопсуздукту камсыз кылуу бөлүгү маанилүү мазмунга ээ. Ушуга байланыштуу, республиканын финансы системасынын структуралык-функциоанлдык мүнөздөмөсүн изилдөө, финансылык ресурстарды түзүү, бөлүү жана пайдалануу боюнча потенциалын аныктоо анын түзүү эффективдүүлүгүн аныктайт.

Улуттук финансы системасы ички инвестициянын негизги булагы катары мамлекеттик финансынын ролуна жана үй чарба финансынын маанилүүлүгүнө үстөмдүк кылып турган  банктык-багытталган финансы сектору менен түзүлгөн. Муну 89% бардык кредиттен анк секторуна келген кредиттик портфелдин структурасы боюнча расмий статистика тастыктайт.

Талбицада Кыргыз Республикасынын финансы системасынын абалын мүнөздөгөн маалыматтар берилди. Жалпысынан финансы системасынын өзөктүү параметрлери боюнча динамикасы оң тараптуу экендиги байкалат. Бирок, өндүрүш процессин узак мөөнөттүү каржылоо жана кайра жабдуу шартын чагылдырган аны техникалык баалуу кагаздар рыногу жана камсыздандыруу рыногу чөйрөсү көлөмү боюнча анчалык чоң эмес экендигин белиглеп кетүүгө болот.

Улуттук чарба системасын түзүү жалпысынан калктын жан башына ИДП көрсөткүчүнүн жардамы менен бааланууучу коомдун бакубаттуулугун жогорулатууга алып келген экономикалык эффетивдүү натыйжага жетүүгө багытталган. Кыргыз коомчулугунун бакубатчылыгына улуттук финансы системасынын маанилүү компонеттин аныктоо үчүн ар биринин таасириинн деңгээлин анализ кылабыз. Атап айтканда, мамлекеттик бюджеттин жетишсиздигинин көрсөткүчү аркылуумамлекеттик финансы чөйрөсүн, негизги капиталга инвестициянын көрсөткүчү аркылуу корпоративдик финансы чөйрөсүн, экономикага кредиттик салымдар аркылуу үй чарба финансы чөйрөсүн жана акырында финанасылык ортомчулук аркылуу – финансы сектору рыноктук инфраструктуранын бөлүгү катары карайбыз.
Алынган модель төмөнкүдөй өз ара байланыштарды көрсөтөт: мамлекеттик бюджеттин жетишпестиги калктын жан башына ИДПсына терс таасирин көрсөтөт. Мындай түзүлгөн көз карандылыкты бюджеттин жетишпестиги канчалык жогору болсо, мамлекеттик социалдык-маанидеги долоорлорду камсыз кылуу үчүн финансылык мүмкүнчүлүгү азыраак болорун белгилөөгө болот. Ошондой эле, бюджет саясаты жана мамлекеттик финансы системасы жалпысынан ача абалга ээ, калктын жан башына ИДП сыяктуу эле мамлекеттик бюджет параметрлери таасир берүү бөлүгү бир эле убакты мамлекеттик жөнгө салуунун жана финансы мамилеси чөйрөсүнүн куралы болуп саналат.Ошого байланыштуу, өзүнчө эконометрикалык моделдеги финансы системасынын башка чөйрөлөрүнүн таасирин карап чыгууну жана ар биринин киши башына эсептелген ИДПга тийгизген таасиринин деңгээлине баа берүүнү сунуштайбыз.

Көптүк регрессиялык моделдин коэфициенттеринин мазмундук мааниси төмөнкүдөй чечмеленет:
- негизги капиталга инвестицияны 1 сомго көбөйтүү калктын жан башына ИДПсын орточо 0,25 сомго өсүүгө алып келет;
- экономикага кредиттик салымдарды 1 сомго көбөйтүү калктын жан башына ИДПсын орточо 0, 023 сомго өсүүгө алып келет;
- финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу секторун 1 сомго көбөйтүү калктын жан башына орточо 1,7 сомго өсүүгө алып келет.

Мындан калктын жан башына ИДП жыйынтыга таасирине финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу көбүрөөк таасирин тийгизет.

Мындан улам, коомдун бакубатчылыгын өсүүнү камсыздоо жана экономикалык туруктуулуктун жана коопсуздуктун деңгээлин жогорулатуу үчүн ИДП түзгөн финансы секторунун үлүшүн көбөйтүү зарыл. Финансылык


ортомчулук жана камсыздандыруу үлүшүнүн абалынын динамикасына прогнозду ишке ашыруу аракетин сакталган шартта көрөбүз.

**4.1-таблица. ИДПга финансылык ортомчулук жана камсыздандыруунун үлүшүнүн көрсөткүчтөрү боюнча 2040-ж. чейинки прогноздук маалыматтары**

| Убактылуу шкала | Финансылык ортомчулук | Прогноз (Финансылык ортомчулук ) | Байлануунун төмөн ыктымалдуулугу (Финансылык ортомчулук) | Байлануунун жогорку ыктымалдуулугу (Финансылык ортомчулук ) |
|---|---|---|---|---|
| 2000 | 1876 | | | |
| 2002 | 1987,9 | | | |
| 2004 | 2564,3 | | | |
| 2006 | 2986,4 | | | |
| 2008 | 6939 | | | |
| 2009 | 8023,4 | | | |
| 2011 | 9956 | | | |
| 2014 | 14507,55 | | | |
| 2016 | 15293,7 | | | |
| 2017 | 17872,5 | 17872,5 | 17872,50 | 17872,50 |
| 2019 | | 19747,11026 | 16956,82 | 22537,40 |
| 2021 | | 21677,76035 | 17921,94 | 25433,58 |
| 2023 | | 23608,41044 | 19087,28 | 28129,54 |
| 2025 | | 25539,06053 | 20363,23 | 30714,89 |
| 2027 | | 27469,71062 | 21711,95 | 33227,47 |
| 2029 | | 29400,3607 | 23113,19 | 35687,53 |
| 2031 | | 31331,01079 | 24554,63 | 38107,39 |
| 2033 | | 33261,66088 | 26028,11 | 40495,21 |
| 2035 | | 35192,31097 | 27527,90 | 42856,73 |
| 2037 | | 37122,96106 | 29049,77 | 45196,15 |
| 2039 | | 39053,61115 | 30590,53 | 47516,70 |
| 2040 | | 40018,93619 | 31367,08 | 48670,79 |

Булак: КР Улуттукстаткомдун маалыматынын негизинде түзүлд [http://www.stat.kg]

Алынган натыйжаларды төмөнкүдөй негизде чечмелейбиз, финансылык ортомчулук жана камсыздандыруу секторунун ИДПга үлүшүнүн көбөйүү тенденциясы жалпысынан оң тараптуу. Бирок, өнүгүү прогнозу жогорку ыктамалдуулукта да, төмөнкү ыктамалдуулукта да болушу мүмкүн экендигине көңүл буруу керек. Ушуга байланыштуу, мамлекеттин кийлигишүү зарылдыгы жана ортомчу, экономикалык негизделген финансы саясатын ишке ашыруу аркылуу жүргүзүү орундуу. Негизги максат финансы кызматын жана ортомчулук спектрин кеңейтүү, алардын эффективдүү ишмердигин уюштуруу жана андан ары өнүгүүнүн комплекстүү механизмин иштеп чыгуу болушу зарыл.




**4.1-сүрөт. 2040-жж. чейин финансылык ортомчулукту өнүктүрүү прогнозу**

Булак: КР Улуттукстаткомдун маалыматынын негизинде түзүлдү [http://www.stat.kg].

Алынган тыянактар жетиштүү түрдө актуалдуу жана дагы улуттук экономиканын эксперттеринин баалоосу боюнча алдыга жылган экономикалык өсүү бөлүгү жетишерлик олуттуу олку-солку, айрым жылдары капиталдын агып чыгуусу, инвестициялык климаттын жагымдуулугунун түшүүсү, мигарциялык агымга алып келген жумушсуздуктун өсүшү сыяктуу олуттуу натыйжаларга алып келген экономикалык төмөндөөлөр байкалып турат. Ошондой эле, эксперттер кыргыз экономикасын жогорку бейформалдуулук, эмгекте да, капиталда да төмөнкү өндүрүш жана олуттуу тармактык майышууну мүнөздөйт.

Кыргыз Республикасында түзүлгөн финансы системасы ача пикирдүүлүгү менен мүнөздөлөт, берилгенэкономикалык өнүгүү моделинин спецификасы ички факторлордун дагы, ошондой эле, интеграцияланган процессте өсүүнүн натыйжасында пайда болгон тышкы факторлордун дагы детерминацияланышы.

Трансформацияланган экономика өлкөлөрү колдонгон финансы туруктуулугун жана анын ИДПга таасирин анализ кылуу практикасын колдонобуз. Бул үчүн мурунку жылган ИДП % өсүү темпинин көрсөткүчтөрү менен Бюджеттин жетишсиздигин ИДП % менен, тышкы карыз ИДП % менен, ИДП дефлятору жана монеталаштыруу коэффициенти же ИДПга М2 арасындагы корреляциянын тыгыздыгын тестирлейбмз. (4.1-сүрөт).

Ошентип, ИДП өсүү темпин көбөйтүү үчүн финансы системасынын туруктуу мүнөздөмөмсүн түзүү зарыл, атап айтканда, мамлекеттик бюджеттин жана тышкы карыздын жетишсиздигинин көбөйүүсү ИДПнын өсүү динамикасына терс таасирин тийгизет, ошол эле учурда экономиканы монеталаштыруу ИДПнын оң жагына өзгөрүү тенденциясына алып келет.


Моneталаштыруу каоэффициентине карата прогноздук маалыматтарды анализ кылынган шартты сактоо менен карайыз. Атап айтканда, эсептик көрсөткүчтөр таблицада берилди.

**4.-таблица. 2040-ж. чейин монеталаштыруунун прогноздук көрсөткүчтөрү**

| Убактылуу шкала | М2 ВВПга | Прогноз(М2 ВВПга) | Байланыштын төмөн ыктымалдуулугу (М2 ВВПга) | Байланыштун жогорку ыктымалдуулугу (М2 ВВПга |
|---|---|---|---|---|
| 2000 | 11,3 | | | |
| 2002 | 14,6 | | | |
| 2004 | 20,6 | | | |
| 2006 | 28,2 | | | |
| 2008 | 24,9 | | | |
| 2010 | 22,7 | | | |
| 2012 | 23 | | | |
| 2014 | 31,1 | | | |
| 2016 | 34,4 | | | |
| 2017 | 33,4 | 33,4 | 33,40 | 33,40 |
| 2019 | | 35,96817815 | 28,43 | 43,50 |
| 2021 | | 38,22624464 | 28,08 | 48,37 |
| 2023 | | 40,48431114 | 28,28 | 52,69 |
| 2025 | | 42,74237764 | 28,77 | 56,72 |
| 2027 | | 45,00044414 | 29,45 | 60,55 |
| 2029 | | 47,25851064 | 30,28 | 64,24 |
| 2031 | | 49,51657713 | 31,22 | 67,81 |
| 2033 | | 51,77464363 | 32,24 | 71,31 |
| 2035 | | 54,03271013 | 33,34 | 74,73 |
| 2037 | | 56,29077663 | 34,49 | 78,09 |
| 2039 | | 58,54884312 | 35,70 | 81,40 |
| 2040 | | 59,67787637 | 36,32 | 83,04 |

Булак: КР Улуттукстаткомдун маалыматынын негизинде түзүлдү[http://www.stat.kg]

Чачкындуулуктун болуусунун оң жагы да, терс жагы да бар, сценарийи бирдей, монеталаштыруу деңгээлин жогорулатуу проццесине мамлекеттин катышуусун кеңейтүү зарылдыгы жөнүндө күбөлөндүрөт.




**4.2-сүрөт. 2040-ж. ИДПга монаталаштыруу деңгээлинин прогнозу**

Булак: КР Улуттукстаткомдун маалыматынын негизинде түзүлдү[http://www.stat.kg]

Акчалай сунуш режимин өзгөртүүнүн негизинде кыргыз экономикасында монаталаштырууну өстүрүү банк системасында пайыздык коюмдардын акырындык менен азаюусуна жана банктык кредит берүүнүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатууга алып келет. Пайыздык коюм механизми экономиканы кайра куруунун, артыкчылыктуу сектордун, инновациялык жана инвестициялык ишмердиктин таасирдүү куралы болушу мүмкүн.

Мына ошентип, улуттук финансы системасы төмөнкү финансылык терeңдик учурундагы жогорку концентрациясы жана асимметриясы, финансы рыногунун спекуляциялык мүнөзү, өндүрүштө жана сырьё экспортунда орун алган акча агымдарынын жана финансы институттарынын үстөмдүгү, капиталдын дүйнөлүк рынокторуна жетүү мүмкүндүгүнөн жана тышкы инвестициялардан көз карандылыктын жогорулугу, жыйындысында анын эффективдүү эместигин аныктаган жогорку өзгөрүлмөлүүлүк жана башка структуралык-финкционалдык мүнөздөмөлөр менен айырмаланат.

КР финансы системасын модернизациялоо баарыдан мурда, финансы саясатын түзүүгө түп тамырына өзгөртүү киргизүүнү болжолдогон реалдуу секторду өнүктүрүүнү тейлөөгө багытталгандыгы менен байланыштуу. Финансы жана реалдуу секторлордун тең салмакта өнүгүшү алардын ар биринен кризис пайда болуу коркунучун тереңдетет.

Жалпы финансылык туруктуулукту камсыз кылган финансы саясатынан инновациялык, инвестициялык, өндүрүштүк жана структуралык саясатка байланыштуу асылдандыруучу саясатка өтүү зарыл. Экономиканы жана социалдык чөйрөнү өнүктүрүү үчүн финансы саясатынын артыкчылыктуу багыттары болупфинансы ресурстары менен экономикалык агенттерди камсыз кылуу, финансы системасындагы калктын сактоо жана активдерди пайдалануу, аларды кабыл алуу жана тейлөө чыгымдарын азайтуунун негизинде экономиканын реалдуу секторун жана социалдык чөйрөнү өнүктүрүү зарыл.

Финансылык саясатты ишке ашыруу үчүн зарыл: социалдык чыңалууну төмөндөтүү, мамлекеттик финансыны чыңдоо, банк чөйрөсүн иштөөсүн нормалдаштыруу, товардык жана акчалай агымды тең салмактоо, бирдиктүү мамлекет алкагында аймактардын финансы-экономикалык өз алдынчалуулугун акылга сыярлык кеңейтүү.

Ата мекендик финансы системасын модернизациялоонун негизги багыттары төмөнкүлөр болушу зарыл:

- финансы системасын өнүккөн өолкөлөрдүн финансы саясаты менен салыштыруу деңгээлине чейин атаандаштык жөндөмдүүлүгүн өстүрүүгө түрткү берген экономиканын финансылык өнүгүү жана финансылык тереңдигинин деңгээлин жогорулатуу (ИДП моneталаштыруу даражасы, ички кредиттин суммасы жана аалуу кагадар рыногун капиталдаштыруу);
- банктарды кайра каржылоонун эсебинен жоюлууну толуктоого негизделген экномиканын акчага болгон суроо-талабын камсыз кылган акчалай-кредиттикжөнгө салуунун жаңы куралына өтүү;
- финансы саясатын модернизациялоо жана өнүктүрүү максатында кайра багыттоо менен калктын жана ишканалардын сактоосуна, чогултуу ченемдеринин өсүүсүнө түрткү берүү;
- экономиканы модернизациялоо аракетине багытталган үзгүлтүксүз чыгымдарды жана салык жүктөмдөрүн азайтуу,маанилүү инновациялык-инвестициялык салык стимулдарын колдонуу;
- финансы чөйрөсүндө структуралык диспропорцияларды жоюу жана финансы системасын деформациялоого күч топтоштуруу;
- экономиканы инновациялык өнүктүрүүдө инфраструктуралык жана институционалдык чектөөлөрдү жоюу үчүн бюджеттик чыгымдарды көбөйтүү;
- финансы системасын кайра түзүү жана чыңдоо, аны жөнгө салууну жакшыртуу, системалуу тобокелдикке контроль кылуу.

## ТЫЯНАК

Диссертациялык изилдөөнүн алкагында КР финансы системасынын абалына жүргүзүлгөн комплекстүү жана статистикалык анализ төмөнкүдөй тыянак чыгарууга мүмкүндүк берди.

1. ЕАЭБде жана башка экономикалык бирликтерде финансылык секторду жетишсиз өнүктүрүүнүн жана интеграциялоонун шарттарында экономикалык коопсуздук коркунучтарын аныктоо жана баалоону өнүктүрүү.
2. Изилдөөнүн натыйжалары мамлекет тарабынан жүргүзүлгөн финансылык саясаттын, анын механизмдерин жаңы мамилелерде пайдаланууга негизделген натыйжалуулугунан улам, бүткүл улуттук экономиканын экономикалык коопсуздугу көз каранды болот. Ар кандай экономикалык багыттар экономикалык коопсуздукту камсыздоо масштабына, максаттарына, методдоруна, куралына жана механизмдерине ар кандай карайт.

3. Финансылык системаны мамлекеттик жөнгө салуу экономикалык коопсуздукту камсыздоо фактору катары өлкөнүн социалдык-экономикалык турмушунда өтүп жаткан финансылык процесстерге таасир тийгизүүнүн мыйзам меен жол-жоболоштурулган системасын камтыры анык. Ошондуктан финансылык системаны мамлекеттик жөнгө салуунун незиние экономикалык коопсуздукту жогорулатууга көмөктөшкөн такталган финансылык индикаторлор камтылышы керек.
4. Экономикалык коопсуздукту өндүрүштүн жана социалдык деңгээлдин өсүшүнүн, улуттук кызыкчылыктарга жана толук кандуу экономикалык субъектинин интеграцияланган экономика шарттарында зыян келтирбестен шайкеш ылайыкташтыруу аркылуу, финансылык туруктуулукту жана өзүн-өзү камсыздоону, улуттук экономикага коопсуздук шартында инвестициялык жагымдуулук шартында улуттук экономика системасынын ыкмасы катары кароо керек.
5. Мамлекеттик финансылардын абалынын негизги параметри катары теңделген бюджеттин олуттуу проблемасы катары эки аспектиде кароо белгиленген: макроэкономикалык – экономика туруктуулугун жоготуунун кесепети катары жана бюджеттик салык – бюджеттин чыңалуусунун өсүшүнүн кесепети катары. Бюджеттик-салыктык чөйрөдөгү чыңалуу негизинен келип түшүүлөр алгачкы белгилөөлөргө жана пландалган чыгымдарга караганда кескин кыскарган учурда болот. Мындай нерсе тышкы коркунучтарга байланыштуу жагдайлардын өзгөрүү мүмкүнчүлүгүн жетишсиз эске алынбаганынан улам болот. Мисалы, экспорттук баалардын төмөндөшү, республикада даярдалган продукцияга суроо-талаптын кыскарышы жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүктүн төмөндөшү, импорттук товарларга баалардын жогорулашы, инфляция – бул факторлордун бардыгы бюджетке келип түшүүлөрдүн көлөмүн кыскартууга алып келет.
6. Банк секторунда коркунучка каршы аракеттерди камсыздоо позициясынан интеграциялык процесстердин алкагында ата мекендик өндүрүүчүлөрдү коргоонун финансылык механизмдерин пайдалануу, экономикалык коопсуздукту камсыздоо контекстинде финансылык системаны өнүктүрүү жана модернизациялоону божомолдоого негиз болуп берди. Ресурстардын негизги үлүшү кредит жана депозит түрүндө банк-резидент эместерден тартылган, алардын өлчөмү 2018-жылга 23,5 млрд. Сом же банк секторундагы уставдык капиталдын жалпы көлөмүнөн 47,3% түзгөн;
7. Агроөнөр жай жана курулуш комплекстеринде инвестициялардын жана өндүрүштүн өсүүсүнүн индикативдик пландары мамлекеттик банк аркылуу контролдонуучу мамлекеттик программалардын негизинде реалдуу секторду арзан максаттуу насыя берүүнүн механизмдерин жайылтуу сунушталат;
8. 20140-жылга чейинки мезгилде экономикалык өнүгүүнүн туруктуу финансылык көрсөткүчтөрүнө жетүүнүн моделдерин интерпретациялоо сунушталып, кризистин алдындагы процесстерге жана кубулуштарга өз учурунда аракет кылууга мүмкүндүк берген мамбюджеттин кирешеси,

экономикага кредиттик салымдар, салыктык келип түшүүлөр, финансылык кызматташуулар жана камсыздандыруулар боюнча босоголук белгилерди эсептөөнүн негизинде экономикалык коопсуздукту аныктаган базалык индикаторлор белгиленген;

9. Финансылык системанын туруктуулук критерийлерин аныктоо экономиканы жана финансыны башкаруудагы терс кубулуштардын ар кандай түрдүн себептеринин терең себептерин гана түшүндүрүүгө өбөлгө болбостон, экономикалык коопсуздуктун коркунучтарын четтетүү боюнча чаралары сунуштап, алардын калыптанышын түшүндүргөн тенденцияларды аныктайт.
10. Финансылык ресурстарды пайдалануунун бардык циклин камтыган системасынын органдарына көмөктөшкөн натыйжалуулук аудитине өтүү: масштабдуу, узак мөөнөттүү мамлекеттик программаларды акыркы натыйжаны алганга чейин, аны менен коомдун жана мамлекеттин экономикалык жана социалдык өнүгүүсүнүн жүрүшүн оптималдаштыруу зарыл.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Кыргыз Республикасынын финансы системасын моддернизациялоого изилдөө жүргүзүү жана статистикалык анализден алынган натыйжалардын алкагында төмөнкүдөй сунуштар берилди:

1. финансы системасынын экономикалык абалдын өзгөчөлүгүн жана алардын мүнөздүү өз ара аракеттенүүсүн жана өз ара байланышынын негизги элементтеринин критерийлик параметрлерин иштеп чыгуу зарыл;
2. финансы системасын жана өлкөнүн экономикасынын ченемдик-укуктук базасын жакшыртуу зарыл, анткени, макулдашылбаган бири-бирине дал келбеген жана экономиканын негизги элементтерин түзүүгө тоскоолдук жараткан документтердин бар экендигин анализ көрсөттү;
3. өлкөнүн экономикалык коопсуздугуна жооп берген мамлекеттик органды мыйзам менен бекитүү, ошондой эле, мыйзамдуулук экономикалык коопсуздуктун көрсөткүчтөрүн коёт, алардын босоголук мааниси дайымкы негизде аларды экономикалык коопсуздуктун көрсөткүчтөрүн аныктоо, орнотуу, контролдоо, мониторинг жана анализди камсыз кылат;
4. жарандардын жеке пенсиялык чогултуусун жыйноо үчүн жекече сактоо эсептери (ЖСЭ) институттарды түзүү. ЖСЭ түзүү бул укуксуз иштерден коргоону камсыз кылат;
5. финансылык өнүгүү жана экономиканын финансылык терендигинин деңгээлин жогорулатууну камтыган максаттуу багытталган программаларды иштеп чыгуу;
6. акча агымын жана өндүрүштү колдоо багытына кепилдик берген механизмдерди иштеп чыгуу жана баштоо. Мындай механизмдер баарыдан мурда артыкчылыктуу инвестициялык жана инновациялык долбоорлорду ошондой эле, экономиканын өсүүсү, жаратылыш ресурстарын рационалдуу

пайдалануу жана жогорку технологияларды өнүктүрүү үчүн инфраструктуралык чектөөлөрдү жоюга мүмкүндүк берген ири инфраструктуралык долбоорлорду, колдоону үлүштүк бирге каржылоо жолун ишке ашыруу менен мамлекеттик институтту өнүктүрүүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу менен байланыштуу;

7. инвестиция үчүн кредиттин жеткиликтүүлүгүн жогорула турган узак мөөнөттүү курал боюнча учурдагы чыгымдарды каржылоо жана төмөн коюмдар үчүн кредиттин жеткиликтүүлүгүн камсыздоодо кыска мөөнөттүү куралдар боюнча жогорку коюмдар дифференциациялануучу, божомолдоочу коюмдардын деңгээлин орточо жөнгө салууга өтүүгө жана инфляциянын өсүшүнүн темпине тең коюла турган деңгээлге чейин негизги коюмду төмөндөтүү;
8. операциялык офистерди ачууга аймактык чектөөлөрдү алуу жолу менен банктык тейлөөнүн финансылык мейкиндигин, калыптоо жана диверсификация тармагын бирдей жана жеткиликтүүлүгүн камсыздаган финансылык институттарынын тармагын өлкөнүн бардык аймагында уюштуруу үчүн укуктук, инфраструктуралык жана административдик шарттарын түзүү жолу менен финансылык кызматтардын жеткиликтүүлүгүн көтөрүү;
9. баалуу кагаздарды жайгаштыруу боюнча фонд борборлорун жана адистешкен кеңири ар түрдүү тармактарды өнүктүрүү; финансы кызматын сатуунун агенттик моделин куруу; электрондук жана мобилдик төлөөлөрдү, дистанциялык финансылык тейлөө технологияларын өнүктүрүү; жаңы төлөө куралдарын ченемдик-укуктук жактан таануу жана киргизүү;
10. финансы рыногундагы жеткиликтүүлүктү жана туруктуулукту жогорулатуу, эмитент жана инвесторлордун санын өстүрүү, инвестициялык жаан инновацялык долбоорлорго банктык кредит берүүнү өнүктүрүү, фнансы институтунун банктык эмес активдерн жогорулатуу, экономика тобокелдигин азыркы 10-15тен 50-60% чейин камсыздандырууну жабуу деңгээлин өстүрүү.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ

1. **Омурова, С.К**. Роль финансовой системы в обеспечении национальной безопасности [Текст] / С.К. Омурова // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов Центральной Азии. – 2017. - №3(18). - С.179-184.
2. **Омурова, С.К.** Современное состояние финансового сектора и его роль в обеспечении инвестиционных ресурсов экономики [Текст] / С.К. Омурова // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов Центральной Азии. Б. – 2017. - №1(16). - С.84-90.
3. **Омурова, С.К.** Трансформация финансовой системы и реалии экономической интеграции [Текст] / С.К. Омурова // Известия Иссык-

Кульского форума бухгалтеров и аудиторов Центральной Азии. - 2017. - №3(18). - С.57-60.

4. **Омурова, С.К.** [ и др.]. Взаимодействие реального и финансового секторов экономики как условие обеспечения экономической безопасности в условиях региональной интеграции [Текст] / С.К. Омурова, И.А. Алиева // Вестник КРСУ. - 2017. - №6. - С.11-17.
5. **Омурова, С.К.** Модернизация финансовой системы как условие обеспечения финансовой безопасности [Текст] / С.К. Омурова // Вестник КРСУ. - 2017. - №6.- С.63-67.
6. **Омурова, С.К.** Методологические подходы финансовой стабилизации как фактор устойчивого роста экономики [Текст] / С.К. Омурова // Известия вузов Кыргызстана. -2017. - №2. - С.61-62.
7. **Омурова С.К.** [ и др.]. Элементы финансовой системы Кыргызской Республики в современных условиях [Текст] / С.К. Омурова, А.А. Саякбаева // Евразийское научное объединение. - М.,2018. - №1 (35). - С.137-140.
8. **Омурова, С.К.** Институциональные аспекты финансового сектора Кыргызской Республики [Текст] / С.К. Омурова // Евразийское научное объединение. - М.,2018. - №5 (39). - С.116-118.
9. **Омурова, С.К.** К вопросу о теоретических концепциях взаимосвязи финансовой системы и ростом экономики [Текст] / С.К. Омурова // Евразийское научное объединение. - М.,2018. - №6 (40). - С.130-133.
10. **Омурова, С**.К. Отдельные аспекты формирования индикаторов безопасности финансовой системы [Текст] / С.К. Омурова // Экономика и предпринимательство. - М.,2018. - №10. - С.1316-1319.
11. **Омурова, С.К.** Банковское кредитование как источник повышения инвестиционной активности национальной экономики [Текст] / С.К. Омурова // Евразийское научное объединение. - М.,2018. - 9(43). - С.69-71.
12. **Омурова, С.К.** Стабильность финансовой системы как условие обеспечения экономической безопасности Кыргызской Республики [Текст] / С.К. Омурова // Евразийское научное объединение. - М., - 2018. - №9(43). - С.71-74.
13. **Омурова, С.К.** Комплекс угроз экономической безопасности в финансовой системе [Текст] / С.К. Омурова // Материалы 17-й Международной научно-практической конференции «Актуальные проблемы и перспективы развития экономики» Крымского федерального университета им. В.И. Вернадского. – Симферополь. – 2018. - С.71-73.
14. **Омурова, С.К.** [и др.]. Инновационные технологии на финансовом рынке как инструмент развития экономики [Текст] / С.К. Омурова, А.А. Саякбаева, Т.А. Ашымбаев // Материалы Международной научно-практической конференции, посвященной 25-летию национальной валюты

Республики Казахстан «Модернизация экономики Казахстана – фактор стабильности финансовой системы государства и национальной валюты». - Евразийский национальный университет им. Л.Н. Гумилева. - Астана,2018. - С.29-33.

15. **Омурова, С.К.** [и др.]. Институциональные основы модернизации финансовой системы в условиях глобализации [Текст] / С.К. Омурова, А. Бобоканова, Т. Саякбаев // Евразийское научное объединение. -2018. - №12(46). - С.264-266.
16. **Омурова, С.К.** [и др.]. Модернизация финансовой системы в обеспечении экономической безопасности Кыргызской Республики [Текст] / С.К. Омурова, А.А. Саякбаева. – Б., 2019. - 168 с.
17. **Омурова, С.К.** [и др.]. Роль микрокредитных институтов в обеспечении экономической безопасности Кыргызстана [Текст] / С.К. Омурова, А. Бобоканова, Т. Саякбаев // Евразийское научное объединение. - 2019. - №1(47). - С.261-264.
18. **Омурова, С.К.** [и др.]. Роль инновационной экономики в условиях мирового финансового кризиса [Текст] / С.К. Омурова, Т. Саякбаев, А. Алымкулова // Евразийское научное объединение. – 2019. - №1(47). - С.278-280.
19. **Омурова, С.К**. [и др.]. Проблемы национальной банковской системы и пути их решения [Текст] / С.К. Омурова, Т. Саякбаев, А. Алымкулова // Евразийское научное объединение. – 2019. - №2(48). - С.184-186.
20. **Омурова, С.К**. [и др.]. Ключевые параметры бюджетной политики в определении экономической безопасности [Текст] / С.К. Омурова, А.А. Саякбаева // Евразийское научное объединение. -2019. - №6(52). - С.269-273.
21. **Омурова, С.К.** Тенденции развития финансовой системы: особенности и перспективы [Текст] / С.К. Омурова // Евразийское научное объединение. - 2019. - №7(53). - С.
22. **Омурова, С.К.** Концептуальные подходы теории экономической безопасности [Текст] / С.К. Омурова // Евразийское научное объединение. – 2019. - №7. - (53). - С.
23. **Омурова, С.К.** [и др.]. Государственное регулирование финансовой системы как фактор обеспечения экономической безопасности [Текст] / С.К. Омурова, И.А. Алиева // Вестник КРСУ. – 2019. - №. – С.12-14.
24. **Омурова, С.К.** [и др.]. Особенности функционирования финансового сектора национальной экономики в условиях экономической интеграции [Текст] / С.К. Омурова, И.А. Алиева // Вестник КРСУ. – 2019. - №. – С.15-18.

**Омурова Салтанат Кайыровнанын 08.00.10 – финансы, акча жүгүртүү жана кредит жана 08.00.01 – экономикалык теория адистиктери боюнча экономика илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн “Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугун камсыз кылууда финансы системасын модернизациялоо” темасында жазылган диссертациялык изилдөөсүнүн**

# РЕЗЮМЕСИ

**Негизги сөздөр:** финансы системасы, финансы саясаты, бюджет, салык кирешелери, финансы системасын модернизациялоо, экономикалык коопсуздук, финансылык жана экономикалык көрсөткүчтөр.

**Изилдөө объекти:** финансы системасы жана өлкөнүн экономикалык коопсуздугун камсыз кылууга байланыштуу анын негизги көрсөткүчтөрү.

**Изилдөө предмети**: финансы системасын модернизациялоо шартында экономикалык коопсуздук проблемалары.

**Изилдөө максаты:** финансы системасын модернизациялоо боюнча концептуалдуу сунуштарды негиздөө жана экономикалык коопсуздукту камсыз кылган анын механизмдерин жакшыртуу боюнча теориялык-прикладдык сунуштары иштеп чыгуу.

**Изилдөө методу**: экономико-математикалык, анализ жана синтез, салыштыруу жана жалпылоо, эксперттик, байкоо.

**Изилдөөнүн негизги натыйжалары:** экономикалык коопсуздук жана финансы системасын модернизациялоого автордук аныктоо сунушталды;экономикалык категорияны чагылдырган финансылык система жана экономикалык коопсуздукту изилдөөдө теориялык-методологиялык мамилелер өркүндөтүлдү; банк секторунун коркунучтарына каршы аракеттенүүнү камсыз кылуу позициясы менен интеграциялык процесстин алкагында ата мекендик өндүрүүчүлөрдү коргоонун финансылык механизми белгиленди; жаңы технологиялык көндүм түзүүгө финансылык ресурстарды пайдалануу жана жаңы өндүрүш класттерлерин түзүүнүн синергетикалык натыйжага жетишүү жолдору белгиленди; 2030-жылга чейинки мезгилде экономикалык өнүктүрүүнүн туруктуу финансылык көрсөткүчтөрүнө жетишүү модели чечмеленди жана экономикалык коопсуздукту аныктаган базалык көрсөткүчтөр белгиленди; Кыргыз Республикасынын экономикалык коопсуздугунун үстөдүк кылган фактору катары финансы системасын модернизациялоону ишке ашыруу боюнча практикалык сунуштар берилди.

**Колдонуу даражасы:** Изилдөөнүн натыйжалары мамлекеттик программаларды жана КР Финансы министрлигинин, КР Экономика министрлигинин ченемдик актыларын иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**Колдонуу чөйрөсү:** экономикалык коопсуздукту камсыз кылууда финансы системасын модернизациялоо боюнча сунуштар мамлекеттик программаларды жана ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн. Изилдөөнүн натыйжалары КР жождоруна финансы дисциплиналары боюнча окуу-методикалык комплекстерди, окуу куралдарын, программаларды иштеп чыгуу үчүн зарыл.

**РЕЗЮМЕ**

**Диссертационного исследования Омуровой Салтанат Кайыровны на тему: «Модернизация финансовой системы в обеспечении экономической безопасности Кыргызской Республики», представленной на соискание ученой степени доктора экономических наук по специальностям: 08.00.10 – финансы, денежное обращение и кредит; 08.00.01 – экономическая теория**

**Ключевые слова:** финансовая система, финансовая политика, бюджет, налоговые доходы, модернизация финансовой системы, экономическая безопасность, финансовые и экономические индикаторы.

**Объект исследования:** финансовая система и основные ее индикаторы, взаимосвязанные с обеспечением экономической безопасности страны.

**Предмет исследования**: проблемы экономической безопасности в условиях модернизации финансовой системы.

**Цель исследования:** обоснование концептуальных предложений по модернизации финансовой системы, и разработка теоретико-прикладных рекомендаций по совершенствованию ее механизмов, обеспечивающих экономическую безопасность.

**Методы исследования**: экономико-математический, методы анализа и синтеза, сравнений и обобщений, экспертный, наблюдение

**Основные результаты исследования:** предложено авторское определение экономическая безопасность и модернизация финансовой системы; развиты теоретико-методологические подходы к исследованию финансовой системы и экономической безопасности, отражающие экономическую составляющую этих категорий; обозначены финансовые механизмы защиты отечественных производителей в рамках интеграционных процессов с позиции обеспечения противодействия угроз в банковском секторе**;** представлена интерпретация модели достижения устойчивых финансовых показателей экономического развития на период до 2030 года и обозначены базовые индикаторы, определяющие экономическую безопасность; предложены практические рекомендации по осуществлению модернизации финансовой системы как доминантного фактора экономической безопасности Кыргызской Республики.

**Степень применения:** Результаты исследования могут быть использованы при разработке государственных программ и нормативно-правовых актов Министерства финансов КР, Министерства экономики КР, НБКР.

**Область применения:** предложения и рекомендации по модернизации финансовой системы в обеспечение экономической безопасности могут быть использованы при разработке государственных программ и нормативно-правовых в деятельности органов финансового сектора и позволяют повысить эффективность экономической безопасности. Результаты исследования необходимы вузам КР для разработки учебно-методических комплексов, пособий, программ по финансовым дисциплинам.

# ABSTRACT

**of thesis research of Omurova Saltanat Kaiyrovna on the following topic: "Modernization of financial system in provision of economic security of the Kyrgyz Republic", presented for procuring of Doctor of Economics academic degree majoring in: 08.00.10 – Finance, Monetary Circulation And Credit and 08.00.01 – Economic Theory**

**Key words:** financial system, financial policy, budget, tax revenues, modernization of the financial system, economic security, financial and economic indicators.

**Object of research:** financial system and its main indicators, interconnected with ensuring the economic security of the country.

**Subject of research**: issues of economic security under conditions of the financial system modernization.

**Research objective:** substantiation of conceptual proposals for the financial system modernization, and the development of theoretical and applied recommendations for improving its mechanisms ensuring economic security.

**Research methods**: economic and mathematical method, methods of analysis and synthesis, comparisons and generalizations, expert method, observation.

**Key findings:** the author's definition of economic security and modernization of the financial system is proposed; theoretical and methodological approaches to the study of the financial system and economic security are developed, those reflecting the economic component of these categories; the financial mechanisms for protecting domestic producers within the framework of integration processes from the standpoint of countering threats in the banking sector are identified; an interpretation of the model for achieving sustainable financial indicators of economic development for the period up to 2030 is presented and basic indicators that determine economic security are identified; practical recommendations on the modernization of the financial system as a dominant factor in the economic security of the Kyrgyz Republic are proposed.

**Degree of application:** The results of research can be used in the development of government programs and regulatory acts of the Ministry of Finance of the Kyrgyz Republic, the Ministry of Economy of the Kyrgyz Republic, the National Bank of the Kyrgyz Republic and can improve the efficiency of economic security.

**Scope of application:** suggestions and recommendations on modernization of financial system to ensure economic security can be used in the development of state programs and regulatory acts of the Ministry of Finance of the Kyrgyz Republic, in the activities of financial sector bodies and can improve the efficiency of economic security. The results of the study are necessary for universities of the Kyrgyz Republic to develop educational and methodological complexes, manuals, programs for the disciplines "Finance".